**«Кыргыз Республикасынын айрым мыйзам актыларына (Кыргыз Республикасынын Кылмыш-жаза процессуалдык кодексине, Кыргыз Республикасынын Кылмыш-жаза кодексине, Кыргыз Республикасынын Укук бузуулар жөнүндө кодексине, Кыргыз Республикасынын Граждандык кодексине) өзгөртүүлөрдү киргизүү жөнүндө»**
**Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын долбооруна карата**
**САЛЫШТЫРМА ТАБЛИЦА**

| **КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН КЫЛМЫШ-ЖАЗА ПРОЦЕССУАЛДЫК КОДЕКСИ** | |
|---|---|
| **Колдонуудагы редакциясы** | **Сунуш кылынган редакциясы** |
| **5-берене. Ушул Кодексте камтылган негизги түшүнүктөрдүн аныктамасы**<br>Ушул Кодексте камтылган түшүнүктөр, эгерде мыйзамдарда өзгөчө көрсөтмөлөр болбосо, төмөнкү маанилерге ээ:<br>1) ...<br>11) бөгөт коюу чарасы - айыпталуучуга карата ~~**тергөөчү, прокурор,**~~ тергөө судьясы, сот тарабынан колдонулуучу адамдын укуктарын жана эркиндиктерин убактылуу чектөөчү чара;<br>12) …<br>27) күбөнүн жана жабырлануучунун көрсөтмөлөрүн депонирлөө - сотко чейинки өндүрүштү жүргүзүүдө соттук далилдерди алдын ала камсыз кылуу (сактоо) максатында тергөө судьясы тарабынан ~~**тарантардын биринин**~~ өтүнмөсү боюнча күбөнү же жабырлануучуну суракка алуу;<br>28) ...<br>38) мыйзам менен келишпестикке барган бала - иш боюнча шектүү, айыпталуучу, ~~**соттолуучу,**~~ соттолгон болуп саналган 18 жашка чыга элек адам;<br>39) ... | **5-берене. Ушул Кодексте камтылган негизги түшүнүктөрдүн аныктамасы**<br>Ушул Кодексте камтылган түшүнүктөр, эгерде мыйзамдарда өзгөчө көрсөтмөлөр болбосо, төмөнкү маанилерге ээ:<br>1) ...<br>11) бөгөт коюу чарасы - айыпталуучуга карата тергөө судьясы**, судья**, сот тарабынан колдонулуучу адамдын укуктарын жана эркиндиктерин убактылуу чектөөчү чара;<br><br>12) …<br>27) күбөнүн жана жабырлануучунун көрсөтмөлөрүн депонирлөө - сотко чейинки өндүрүштү жүргүзүүдө соттук далилдерди алдын ала камсыз кылуу (сактоо) максатында тергөө судьясы тарабынан **тергөөчүнүн жана жактоочу тараптардын** өтүнмөсү боюнча күбөнү же жабырлануучуну суракка алуу;<br>28) ...<br>38) **мыйзам менен келишпестикке барган бала, - иш боюнча шектүү, айыпталуучу, соттолгон болуп саналган 18 жашка чыга элек адам;**<br>39) ... |
| **7-берене. Укуктун жана мыйзамдуулуктун үстөмдүүлүк принциби**<br>1. Кыргыз Республикасында кылмыш-жаза сот өндүрүшү укуктун үстөмдүүлүк принцибин сактоо менен жүзөгө ашырылат, ага ылайык адам, анын укуктары жана эркиндиктери эң жогорку баалуулуктар катары таанылат.<br>2. Алгачкы текшерүү органынын кызмат адамы, тергөөчү, прокурор, тергөө судьясы, сот, кылмыш-жаза сот өндүрүшүнө катышуучу башка органдар жана жактар Кыргыз Республикасынын Конституциясынын, ушул Кодекстин жана башка мыйзамдарынын жоболорун бекем сактоого милдеттүү. | **7-берене. Укуктун жана мыйзамдуулуктун үстөмдүүлүк принциби**<br>1. Кыргыз Республикасында кылмыш-жаза сот өндүрүшү укуктун үстөмдүүлүк принцибин сактоо менен жүзөгө ашырылат, ага ылайык адам, анын укуктары жана эркиндиктери эң жогорку баалуулуктар катары таанылат.<br>2. Алгачкы текшерүү органынын кызмат адамы, тергөөчү, прокурор, тергөө судьясы, сот, кылмыш-жаза сот өндүрүшүнө катышуучу башка органдар жана жактар Кыргыз Республикасынын Конституциясынын, ушул Кодекстин жана башка мыйзамдарынын жоболорун бекем сактоого милдеттүү.<br>**3. Ушул Кодекстин ченемдери бири-бирине карама-каршы келген учурда, кылмыш-жаза сот өндүрүшүнүн принциптерине ылайык келгендери колдонулууга жатат, ал эми ушул Кодекстин ченемдери сот өндүрүшүнүн маселелерин жөнгө салбаган же эки жактуу мааниде жөнгө салган учурларда, алар кылмыш-жаза процессуалдык мыйзамдардын жалпы башталгыч маанисиндеги принциптеринин жана ак-ниеттүүлүктүн, негиздүү мөөнөттүн жана адилеттүүлүктүн талаптарынын негизинде чечилүүгө жатат.** |
| ~~**19-берене. Иштин жагдайларын изилдөөнүн ар тарантуулук, толуктук жана объективдүүлүк принциби**~~<br>~~1. Тергөөчү иштин жагдайларын ар тараптуу, объективдүү жана толук изилдөө үчүн ушул Кодексте каралган бардык чараларды көрүүгө, шектүүнү, айыпталуучуну~~ | **19-берене. Кылмыш-жаза сот өндүрүшүндө негиздүү мөөнөт**<br><br>**1.Кылмыш-жаза сот өндүрүшү ушул Кодексте белгиленген мөөнөттөрдө жүргүзүлөт. Бул мөөнөттөрдү узартууга ушул Кодексте каралган учурларда жана** |

| | |
|---|---|
| ~~айыптоочу жана актоочу, ошондой эле алардын жоопкерчилигин жеңилдетүүчү жана оордотуучу жагдайларды аныктоого милдеттүү.~~<br>~~2. Сот иште болгон жана берилген далилдерди изилдейт. Сот өз демилгеси боюнча тергөөнүн толук эместигин четтетүү максатында кошумча далилдерди чогултууга укуксуз.~~<br>~~Кылмыш ишин карап жаткан сот объективдүүлүктү жана калыстыкты сактоо менен айыптоочу жана коргоочу тарапларга алардын жагдайларын ар тараптуу жана толук изилдөөгө укуктарын ишке ашыруу үчүн зарыл болгон шарттарды түзөт.~~<br>~~3. Кылмыш иши боюнча тергөө жүргүзүүдө тергөөчү кылмыш жасоого көмөк көрсөткөн себептерди жана шарттарды аныктоого милдеттүү. Ушундай негиздер болгон учурда тергөөчү токтом чыгарып, аны менен мамлекеттик органдардын жана башка уюмдардын кызмат адамдарынын көңүлүн иш боюнча аныкталган мыйзамды бузуу фактыларына, кылмыш жасоого көмөк көрсөткөн жана тийиштүү чараларды көрүүнү талап кылган себептерге жана шарттарга бурат.~~<br>~~Жеке аныктама төмөн турган сот тарабынан ишти териштирүүдө жол берген мыйзам бузууларды аныктаганда жогору турган сот тарабынан чыгарылат.~~ | **тартипте жол берилет, бирок кылмыш куугунтугуна тартуу, жазалоо жана кылмыш куугунтугун токтотуу негиздүү мөөнөттө жүзөгө ашырылууга тийиш.**<br>**2.Кылмыш-жаза сот өндүрүшүнүн негиздүү мөөнөтүн аныктоодо кылмыш ишинин материалдарынын укуктук жана фактылык жактан татаалдыгы, кылмыш-жаза процессинин катышуучуларынын жүрүм-туруму, тергөө органдарынын, прокуратуранын, соттун аракеттеринин жетиштүүлүгү жана натыйжалуулугу сыяктуу жагдайлар жана кылмыш куугунтугун өз убагында жүргүзүү же кылмыш ишин кароо максатында жүргүзүлүүчү соттук териштирүүлөр жана кылмыш-жаза сот өндүрүшүнүн жалпы мөөнөтү эске алынат.**<br>**3.Тергөө органдарынын, прокуратуранын жана соттун ишин уюштурууга, ошондой эле кылмыш ишин ар кандай инстанцияларда кароого байланышкан жагдайлары кылмыш-жаза сот өндүрүшүн жүргүзүүнүн негиздүү мөөнөттөрүнөн ашып кетүү үчүн негиз катары эсепке алынышы мүмкүн эмес.** |
| **27-берене. Кылмыш-жаза сот өндүрүшүн жокко чыгаруучу жагдайлар**<br>1. Төмөнкү учурларда кылмыш иши козголушу мүмкүн эмес, ал эми козголгон иш кыскартылууга жатат:<br>1) кылмыш окуясы болбогондо;<br>2) жосунда кылмыш курамы болбогондо;<br>3) кылмыш-жаза мыйзамынын күчүнөн улам, залал келтирген жосун укук чегинде болгондо: зарыл коргонуу; аргасыз зарылдык; күчтөп же психикалык мажбурлоо; кылмыш жасаган адамды кармоо; кызмат орду боюнча мыйзамды, буйрукту (тескемени), милдеттерди аткаруу; негиздүү тобокелчилик; атайын тапшырманы аткаруу;<br>4) ушул Кодексте каралган учурларда жабырлануучунун арызы жок болгондо;<br>5) соттун, адамга карата ошол эле айыптоо боюнча күчүнө кирген мыйзамдуу өкүмү же болбосо соттун кылмыш куугунтугунун мүмкүн эместигин белгилеген жокко чыгарылбаган башка чечими болсо;<br>6) тергөөчүнүн, прокурордун жакка карата ошол эле жосун боюнча кылмыш ишин козгоодон баш тартуу же болбосо ишти кыскартуу жөнүндө жокко чыгарылбаган токтому болсо;<br>7) каза болгонду реабилитациялоо же башка адамдарга карата ишти тергөө үчүн өндүрүш зарыл болгон учурларды кошпогондо, кылмыш-жаза сот өндүрүшүн жүзөгө ашыруу учурунда каза болгон адамга карата;<br>8) кылмышты аягына чыгаруудан ыктыярдуу баш тарткан адамга карата;<br>9) Кылмыш-жаза кодексинин Өзгөчө бөлүгүнүн жоболорунан улам кылмыш-жаза жоопкерчилигинен бошотулууга жаткан жакка карата;<br>10) жосундун декриминалдашуусуна байланыштуу;<br>11) эгерде ал жасалган жосун үчүн жаза колдонууну жокко чыгарса мунапыс актысынын натыйжасында;<br>12) кылмыш куугунтугунун эскирүү мөөнөтү өтүп кеткенде;<br>13) жабырлануучу жеке-ачык айыптоону колдоодон баш тартканда жана (же) ушул Кодекстин 58-главасына ылайык жана Кылмыш-жаза кодексинин 57- | **27-берене. Кылмыш-жаза сот өндүрүшүн жокко чыгаруучу жагдайлар**<br>1. Төмөнкү учурларда кылмыш иши козголушу мүмкүн эмес, ал эми козголгон иш кыскартылууга жатат:<br>1) кылмыш окуясы болбогондо;<br>2) жосунда кылмыш курамы болбогондо;<br>3) кылмыш-жаза мыйзамынын күчүнөн улам, залал келтирген жосун укук чегинде болгондо: зарыл коргонуу; аргасыз зарылдык; күчтөп же психикалык мажбурлоо; кылмыш жасаган адамды кармоо; кызмат орду боюнча мыйзамды, буйрукту (тескемени), милдеттерди аткаруу; негиздүү тобокелчилик; атайын тапшырманы аткаруу;<br>4) ушул Кодексте каралган учурларда жабырлануучунун арызы жок болгондо;<br>5) соттун, адамга карата ошол эле айыптоо боюнча күчүнө кирген мыйзамдуу өкүмү же болбосо соттун кылмыш куугунтугунун мүмкүн эместигин белгилеген жокко чыгарылбаган башка чечими болсо;<br>6) тергөөчүнүн, прокурордун жакка карата ошол эле жосун боюнча кылмыш ишин козгоодон баш тартуу же болбосо ишти кыскартуу жөнүндө жокко чыгарылбаган токтому болсо;<br>7) каза болгонду реабилитациялоо же башка адамдарга карата ишти тергөө үчүн өндүрүш зарыл болгон учурларды кошпогондо, кылмыш-жаза сот өндүрүшүн жүзөгө ашыруу учурунда каза болгон адамга карата;<br>8) кылмышты аягына чыгаруудан ыктыярдуу баш тарткан адамга карата;<br>9) Кылмыш-жаза кодексинин Өзгөчө бөлүгүнүн жоболорунан улам кылмыш-жаза жоопкерчилигинен бошотулууга жаткан жакка карата;<br>10) жосундун декриминалдашуусуна байланыштуу;<br>11) эгерде ал жасалган жосун үчүн жаза колдонууну жокко чыгарса мунапыс актысынын натыйжасында;<br>12) кылмыш куугунтугунун эскирүү мөөнөтү өтүп кеткенде;<br>13) жабырлануучу жеке-ачык айыптоону колдоодон баш тартканда жана (же) ушул Кодекстин 58-главасына ылайык жана Кылмыш-жаза кодексинин 57- |

| | |
|---|---|
| беренесинде каралган тартипте жабырлануучу айыпталуучу менен макулдашууга жетишкенде;<br>14) соттук териштирүүнүн убагында прокурор айыптоону колдоодон баш тартканда.<br><br>2. Сот адилеттиги тутумунан алып чыгууга байланыштуу ушул Кодекстин 467-беренесинде каралган учурларда айыпталуучу балага карата кылмыш иши кыскартылышы мүмкүн.<br>3. Эгерде ушул берененин 1-бөлүгүнүн 1 жана 2-пункттарында көрсөтүлгөн жагдайлар соттук териштирүүнүн маалында аныкталса, сот ишти териштирүүнү аягына чейин жеткирет жана актоо өкүмүн чыгарат.<br>4. Эгерде айыпталуучу буга каршы болсо, ушул берененин 1-бөлүгүнүн **10-12 жана 14**-пункттарында көрсөтүлгөн негиздер боюнча ишти кыскартууга жол берилбейт. Бул учурда иш боюнча өндүрүш улантыла берет жана ага негиздер болгондо актоо өкүмүн же соттолгон адамды жазаны өтөөдөн бошоткон айыптоо өкүмүн чыгаруу менен аяктайт.<br>5. Эгерде айыпталуучу буга каршы болсо, ушул берененин 1-бөлүгүнүн 13-пунктунда көрсөтүлгөн негиздер боюнча ишти кыскартууга жол берилбейт. Бул учурда иш боюнча өндүрүш улантыла берет жана ага негиздер болгондо актоо өкүмүн же айыптоо өкүмүн чыгаруу менен аяктайт.<br>Ушул берененин 1-бөлүгүнүн 13-пунктунда көрсөтүлгөн негиздер боюнча төмөнкү учурларда ишти кыскартууга жол берилбейт:<br>1) ушул Кодекстин 155-беренесинин 2-бөлүгүнө ылайык козголгон кылмыш иштери боюнча;<br>2) эгерде адам уюшкан топтун же кылмыштуу уюмдун курамында кылмыш жасаса;<br>3) Кылмыш-жаза кодексинин 312-беренесинин 4-бөлүгүнө ылайык козголгон кылмыш иштери боюнча.<br>6. Ушул берененин 1-бөлүгүнүн 1-6, 8 **~~жана~~** 10-пункттарында көрсөтүлгөн жагдайлар реабилитациялоочуларга кирет. | беренесинде каралган тартипте жабырлануучу айыпталуучу менен макулдашууга жетишкенде;<br>14) соттук териштирүүнүн убагында прокурор айыптоону колдоодон баш тартканда**;**<br>**15) кылмыш куугунтугунан иммунитети бар адамды жоопкерчиликке тартууга макулдук берүүдөн ыйгарым укуктуу орган баш тартканда.**<br>2. Сот адилеттиги тутумунан алып чыгууга байланыштуу ушул Кодекстин 467-беренесинде каралган учурларда айыпталуучу балага карата кылмыш иши кыскартылышы мүмкүн.<br>3. Эгерде ушул берененин 1-бөлүгүнүн 1 жана 2-пункттарында көрсөтүлгөн жагдайлар соттук териштирүүнүн маалында аныкталса, сот ишти териштирүүнү аягына чейин жеткирет жана актоо өкүмүн чыгарат.<br>4. Эгерде айыпталуучу буга каршы болсо, ушул берененин 1-бөлүгүнүн **11 жана 12**-пункттарында көрсөтүлгөн негиздер боюнча ишти кыскартууга жол берилбейт. Бул учурда иш боюнча өндүрүш улантыла берет жана ага негиздер болгондо актоо өкүмүн же соттолгон адамды жазаны өтөөдөн бошоткон айыптоо өкүмүн чыгаруу менен аяктайт.<br>5. Эгерде айыпталуучу буга каршы болсо, ушул берененин 1-бөлүгүнүн 13-пунктунда көрсөтүлгөн негиздер боюнча ишти кыскартууга жол берилбейт. Бул учурда иш боюнча өндүрүш улантыла берет жана ага негиздер болгондо актоо өкүмүн же айыптоо өкүмүн чыгаруу менен аяктайт.<br>Ушул берененин 1-бөлүгүнүн 13-пунктунда көрсөтүлгөн негиздер боюнча төмөнкү учурларда ишти кыскартууга жол берилбейт:<br>1) ушул Кодекстин 155-беренесинин 2-бөлүгүнө ылайык козголгон кылмыш иштери боюнча;<br>2) эгерде адам уюшкан топтун же кылмыштуу уюмдун курамында кылмыш жасаса;<br>3) Кылмыш-жаза кодексинин 312-беренесинин 4-бөлүгүнө ылайык козголгон кылмыш иштери боюнча.<br>6. Ушул берененин 1-бөлүгүнүн 1-6, 8, **10 жана 14**-пункттарында көрсөтүлгөн жагдайлар реабилитациялоочуларга кирет. |
| **31-берене. Соттун ыйгарым укуктары**<br>1. Сот төмөнкүлөргө ыйгарым укуктуу:<br>1) адамды күнөөсүз деп таанууга;<br>2) адамды кылмыш жасоого күнөөлүү деп таанууга жана ага жаза дайындоого;<br>3) жосунду Кылмыш-жаза кодексинин ченемдери боюнча квалификациялоого жана сот өндүрүшү айыпталуучунун күнөөлүүлүгү жөнүндө вердикт чыгарган сот арачыларынын катышуусу менен жүзөгө ашырган учурларда айыпталуучуга жаза дайындоого;<br>4) адамга карата медициналык мүнөздөгү мажбурлоо чараларын жана (же) мажбурлап дарылоону колдонууга;<br>5) адамга балдарга карата колдонулуучу тарбиялык мүнөздөгү мажбурлоо чараларын колдонууга; | **31-берене. Соттун ыйгарым укуктары**<br>1. Сот төмөнкүлөргө ыйгарым укуктуу:<br>1) адамды күнөөсүз деп таанууга;<br>2) адамды кылмыш жасоого күнөөлүү деп таанууга жана ага жаза дайындоого;<br>3) жосунду Кылмыш-жаза кодексинин ченемдери боюнча квалификациялоого жана сот өндүрүшү айыпталуучунун күнөөлүүлүгү жөнүндө вердикт чыгарган сот арачыларынын катышуусу менен жүзөгө ашырган учурларда айыпталуучуга жаза дайындоого;<br>4) адамга карата медициналык мүнөздөгү мажбурлоо чараларын жана (же) мажбурлап дарылоону колдонууга;<br>5) адамга балдарга карата колдонулуучу тарбиялык мүнөздөгү мажбурлоо чараларын колдонууга;<br>**5-1) кылмыш-жаза-укуктук таасир этүүнүн мажбурлоо чараларын колдонууга;**<br>**5-2) жеке аныктама чыгарууга;** |

| | |
|---|---|
| 6) төмөн турган сот тарабынан кабыл алынган чечимди жокко чыгарууга же өзгөртүүгө;<br>7) кылмыш иштери боюнча айыпталуучуну жана жабырлануучуну медиатор менен маалыматтык жолугушууга жөнөтүүгө;<br>8) ушул Кодексте каралган башка чечимдерди кабыл алууга.<br>2. Сотко чейинки өндүрүштө адам укуктарынын жана эркиндиктеринин сакталышына соттук контролду тергөө судьясы жүзөгө ашырат.<br>3. Сот ишти кайрадан баштоого жана жаңыдан ~~же жаңы ачылган~~ жагдайлар боюнча кайра кароого укуктуу. | 6) төмөн турган сот тарабынан кабыл алынган чечимди жокко чыгарууга же өзгөртүүгө;<br>7) кылмыш иштери боюнча айыпталуучуну жана жабырлануучуну медиатор менен маалыматтык жолугушууга жөнөтүүгө;<br>8) ушул Кодексте каралган башка чечимдерди кабыл алууга.<br>2. Сотко чейинки өндүрүштө адам укуктарынын жана эркиндиктеринин сакталышына соттук контролду тергөө судьясы жүзөгө ашырат.<br>**3. Сот ишти жаңы жагдайлар боюнча кайрадан баштоого жана кайра кароого укуктуу.**<br>**4. Сот ишти жаңыдан ачылган жагдайлар боюнча кайра кароого укуктуу.** |
| **32-берене. Тергөө судьясынын ыйгарым укуктары**<br>1. Тергөө судьясы сотко чейинки өндүрүштүн жүрүшүндө төмөнкү чечимдерди кабыл алууга ыйгарым укуктуу:<br>1) кылмыш жасаганга шектүү адамды кармоонун мыйзамдуулугу жана негиздүүлүгү жөнүндө;<br>2) ~~**күрөө, үй камагы, экстрадициялык камак, камакка алуу**~~ түрүндө бөгөт коюу чараларын колдонуу жөнүндө;<br>3) бөгөт коюу чарасынын мөөнөттөрүн узартуу жөнүндө;<br>4) бөгөт коюу чараларын өзгөртүү жөнүндө;<br>5) тиешелүү экспертизаларды жүргүзүү үчүн камакта турбаган айыпталуучуну медициналык же психиатриялык стационарга жайгаштыруу жөнүндө;<br>6) жеке жана юридикалык жактардын эсептеринде жана аманаттарында же банктарда жана кредиттик уюмдарда сактоодо турган акчалай каражаттарын кошуп алганда, мүлкүнө, баалуу кагаздарына жана алардын сертификаттарына камак салуу жөнүндө;<br>7) айыпталуучуну кызмат ордунан убактылуу четтетүү жөнүндө;<br>8) каза болгон адамдын жакын туугандарынын, жубайынын макулдугу болбогондо, эксгумация жүргүзүү жөнүндө;<br>9) анда жашап турган адамдардын менчигинде турган турак жайды, ошондой эле башка укуктарындагы башка объекттерди, алардын макулдугу болбогондо кароо жүргүзүү жөнүндө;<br>10) алып коюуну жана (же) тинтүүнү жүргүзүү жөнүндө;<br>11) ушул Кодекстин 237-239-беренелеринде көрсөтүлгөн атайын тергөө аракеттерин кошпогондо, ушул Кодексте каралган атайын тергөө аракеттерин жүргүзүү жөнүндө;<br>12) ушул Кодексте каралган башка маселелер боюнча.<br>2. Тергөө судьясы соттук контролдоону жүзөгө ашыруунун алкактарында алгачкы текшерүү органынын, тергөөчүнүн, прокурордун, тергөө бөлүмүнүн жетекчисинин аракеттерине (аракетсиздигине) жана чечимдерине карата кылмыш-жаза сот өндүрүшүн катышуучуларынын даттанууларын карайт.<br>3. Ушул Кодексте каралган учурларда, тергөө судьясы:<br>1) тергөөнүн жүрүшүндө ~~**тараптардын биринин өтүнмөсү боюнча**~~ күбөнүн же жабырлануучунун көрсөтмөлөрүн депонирлейт;<br>2) эгерде айыпталуучу ушул Кодекстин 112-беренесинин 6-бөлүгүндө каралган бузуулардын бирине жол берген учурларда күрөөнү мамлекеттин пайдасына алуу тууралуу маселени чечет;<br>3) күбөлөргө, жабырлануучуларга жана кылмыш-жаза сот өндүрүшүнүн башка | **32-берене. Тергөө судьясынын ыйгарым укуктары**<br>1. Тергөө судьясы сотко чейинки өндүрүштүн жүрүшүндө төмөнкү чечимдерди кабыл алууга ыйгарым укуктуу:<br>1) кылмыш жасаганга шектүү адамды кармоонун мыйзамдуулугу жана негиздүүлүгү жөнүндө;<br>**2) бөгөт коюу чарасын колдонуу жөнүндө;**<br>3) бөгөт коюу чарасынын мөөнөттөрүн узартуу жөнүндө;<br>4) бөгөт коюу чараларын өзгөртүү жөнүндө;<br>5) тиешелүү экспертизаларды жүргүзүү үчүн камакта турбаган айыпталуучуну медициналык же психиатриялык стационарга жайгаштыруу жөнүндө;<br>6) жеке жана юридикалык жактардын эсептеринде жана аманаттарында же банктарда жана кредиттик уюмдарда сактоодо турган акчалай каражаттарын кошуп алганда, мүлкүнө, баалуу кагаздарына жана алардын сертификаттарына камак салуу жөнүндө;<br>7) айыпталуучуну кызмат ордунан убактылуу четтетүү жөнүндө;<br>8) каза болгон адамдын жакын туугандарынын, жубайынын макулдугу болбогондо, эксгумация жүргүзүү жөнүндө;<br>9) анда жашап турган адамдардын менчигинде турган турак жайды, ошондой эле башка укуктарындагы башка объекттерди, алардын макулдугу болбогондо кароо жүргүзүү жөнүндө;<br>10) алып коюуну жана (же) тинтүүнү жүргүзүү жөнүндө;<br>11) ушул Кодекстин 237-239-беренелеринде көрсөтүлгөн атайын тергөө аракеттерин кошпогондо, ушул Кодексте каралган атайын тергөө аракеттерин жүргүзүү жөнүндө;<br>12) ушул Кодексте каралган башка маселелер боюнча.<br>2. Тергөө судьясы соттук контролдоону жүзөгө ашыруунун алкактарында алгачкы текшерүү органынын, тергөөчүнүн, прокурордун, тергөө бөлүмүнүн жетекчисинин аракеттерине (аракетсиздигине) жана чечимдерине карата кылмыш-жаза сот өндүрүшүн катышуучуларынын даттанууларын карайт.<br>3. Ушул Кодексте каралган учурларда, тергөө судьясы:<br>**1) тергөөнүн жүрүшүндө күбөнүн же жабырлануучунун көрсөтмөлөрүн депонирлейт;**<br>2) эгерде айыпталуучу ушул Кодекстин 112-беренесинин 6-бөлүгүндө каралган бузуулардын бирине жол берген учурларда күрөөнү мамлекеттин пайдасына алуу тууралуу маселени чечет;<br>3) күбөлөргө, жабырлануучуларга жана кылмыш-жаза сот өндүрүшүнүн башка |

| | |
|---|---|
| катышуучуларына карата коопсуздукту камсыз кылуу чараларын колдонуу жөнүндө чечим кабыл алат;<br>4) күнөөсүн мойнуна алуу жөнүндө процессуалдык макулдашууну бекитет.<br>4. Тергөө судьясы ушул Кодекске ылайык ишти маңызы боюнча чечүүдө соттук кароонун предмети болушу мүмкүн болгон маселелерди алдын ала чечпеши, тергөөнүн багыты жана тергөө аракеттерин жүргүзүү жөнүндө көрсөтмөлөрдү бербеши, прокурордун жана сотко чейинки өндүрүштү ишке ашыруучу адамдын ордуна аракеттерди жасабашы жана чечимдерди кабыл албашы керек. | катышуучуларына карата коопсуздукту камсыз кылуу чараларын колдонуу жөнүндө чечим кабыл алат;<br>4) күнөөсүн мойнуна алуу жөнүндө процессуалдык макулдашууну бекитет.<br>4. Тергөө судьясы ушул Кодекске ылайык ишти маңызы боюнча чечүүдө соттук кароонун предмети болушу мүмкүн болгон маселелерди алдын ала чечпеши, тергөөнүн багыты жана тергөө аракеттерин жүргүзүү жөнүндө көрсөтмөлөрдү бербеши, прокурордун жана сотко чейинки өндүрүштү ишке ашыруучу адамдын ордуна аракеттерди жасабашы жана чечимдерди кабыл албашы керек. |
| **35-берене. Прокурордун ыйгарым укуктары**<br>1. Прокурор кылмыш-жаза сот өндүрүшүнүн жүрүшүндө төмөнкүлөргө укуктуу:<br>1) …<br>13) соттун чечиминин негизинде жол бериле турган ~~**күрөө, үй камагы, камакка алуу түрүндө**~~ бөгөт коюу чараларын өзгөртүү, колдонуу жөнүндө, айыпталуучуну камакта кармоонун мөөнөтүн узартуу жөнүндө тергөөчүнүн өтүнүчүн сот алдында козгоодо, ошондой эле экстрадициялык камакка алууга макулдук берүүгө же болбосо баш тартууга;<br>14) … | **35-берене. Прокурордун ыйгарым укуктары**<br>1. Прокурор кылмыш-жаза сот өндүрүшүнүн жүрүшүндө төмөнкүлөргө укуктуу:<br>1) …<br>**13) соттун чечиминин негизинде жол бериле турган бөгөт коюу чараларын өзгөртүү, колдонуу жөнүндө, айыпталуучуну камакта кармоонун мөөнөтүн узартуу жөнүндө тергөөчүнүн өтүнүчүн сот алдында козгоодо, ошондой эле экстрадициялык камакка алууга макулдук берүүгө же болбосо баш тартууга;**<br><br>14) … |
| | **43-1-берене. Коргоого укуктуу күбө**<br><br>**1.Эгерде жасалган же даярдалып жаткан кылмыш жөнүндө арызда, рапортто жана билдирүүдө аны жасаган адам катары көрсөтүлгөн адам, же кылмыш-жаза процессине катышкан күбө ага каршы көрсөтмө берсе, бирок бул адам кылмыш жасоого шектүү катары жоопко тартылбаса, же ага карата кылмыш иши козголбосо, анда ал коргоого укуктуу күбө статусуна ээ болуп, бул жөнүндө тиешелүү токтом чыгарылат.**<br>**2. Коргоого укуктуу күбө төмөнкүлөргө укуктуу:**<br>**1) өзүнүн, жубайынын же жакын туугандарынын кылмыш куугунтугуна тартуучу кылмыш түрүндө жазалануучу аракетти жасагандыгы үчүн жоопкерчилигине тартылууга алып келиши мүмкүн болгон суроолорго көрсөтмө берүүгө, же көрсөтмө берүүдөн баш тартууга, же жооп берүүдөн баш тартууга;**<br>**2) биринчи суракка алынган учурдан тартып адвокатка ээ болууга;**<br>**3) мыйзамда каралган учурларда мамлекет тарабынан кепилденген юридикалык жардамга;**<br>**4) өз эне тилинде же өзү билген тилде көрсөтмө берүүгө;**<br>**5) квалификациялуу котормочунун кызмат көрсөтүүлөрүнөн пайдаланууга;**<br>**6) көрсөтмөлөрүн өз колу менен баяндоого;**<br>**7) көрсөтмөлөрдү берүүдө кыска жазууларды жана документтерди пайдаланууга;**<br>**8) далилдерди келтирүүгө;**<br>**9) өтүнүчтөрдү жана четтетүүлөрдү билдирүүгө;**<br>**10) анын катышуусу менен жүргүзүлгөн тергөө аракеттеринин протоколу менен таанышууга жана протоколго киргизилүүчү пикирлерин берүүгө, ошондой эле алардын көчүрмөлөрүн алууга;**<br>**11) алгачкы текшерүү органынын кызматкеринин аракеттерине, тергөөчүнүн, прокурордун аракеттерине жана чечимдерине даттанууга;**<br>**12) иш боюнча өндүрүштө тарткан чыгымдарынын ордун толтуртууга;** |

| | |
|---|---|
| | **13) кылмыш-жаза сот өндүрүшүн жүргүзүп жаткан орган тарабынан буюм далили катары же башка негиздер боюнча алынган мүлкүн, өзүнө тиешелүү расмий документтердин түп нускаларын алууга;**<br>**3. Коргоого укуктуу күбө төмөнкүлөргө милдеттүү:**<br>**1) прокурордун, тергөөчүнүн чакыруусу боюнча келүүгө;**<br>**2) прокурордун, тергөөчүнүн талаптарына баш ийүүгө.**<br>**4. Коргоо укугуна ээ болгон күбө алдын ала билип туруп атайылап үчүнчү жактарга карата жалган көрсөтмө бергендиги үчүн жана алардын укуктарына жана эркиндиктерине олуттуу терс кесепеттер алып келгенде (алып келиши мүмкүн) учурларда гана Кыргыз Республикасынын Кылмыш-жаза кодексинде каралган кылмыш-жаза жоопкерчилигине тартылат.**<br>**5. Коргоого укуктуу күбө жүйөлүү себепсиз келбей койгондо, ал мажбурлап алып келиниши мүмкүн.**<br>**6. Адам шектүүнүн статусуна ээ болгондон же коргоого укуктуу күбөнүн статусун токтотуу жөнүндө токтом кабыл алынган учурдан тартып, коргоого укуктуу күбөнүн абалында болууну токтотот.** |
| **61-берене. Сот приставы**<br>1. Соттордун ишинин белгиленген тартибин камсыз кылуу боюнча мыйзам менен жүктөлгөн милдеттерди аткаруучу кызмат адамы сот приставы болуп саналат.<br>2. Сот приставы:<br>1) соттук отурумдун залында талаптагыдай тартипти камсыз кылат жана Кыргыз Республикасынын Укук бузуулар жөнүндө кодексине ылайык жазаларды салат;<br>2) соттук отурумдун залында катышып отурган адамдар тарабынан тартиптин сакталышын көзөмөлдөйт;<br>3) соттук отурумда тартипти бузган адамдардын сот залынан чыгып кетүүсү жөнүндө төрагалык кылуучунун тескөөсүн аткарат;<br>~~**4) төрагалык кылуучунун сот процессинин катышуучуларынын келүүсүн камсыз кылуу менен байланышкан тескоолорүн аткарат**~~.<br>3. Сот приставынын ушул беренеде каралган милдеттерди аткаруу менен байланышкан талаптары соттук отурумдун залында катышып отурган бардык жактар үчүн милдеттүү болуп саналат. | **61-берене. Сот приставы**<br>1. Соттордун ишинин белгиленген тартибин камсыз кылуу боюнча мыйзам менен жүктөлгөн милдеттерди аткаруучу кызмат адамы сот приставы болуп саналат.<br>2. Сот приставы:<br>1) соттук отурумдун залында талаптагыдай тартипти камсыз кылат жана Кыргыз Республикасынын Укук бузуулар жөнүндө кодексине ылайык жазаларды салат;<br>2) соттук отурумдун залында катышып отурган адамдар тарабынан тартиптин сакталышын көзөмөлдөйт;<br>3) соттук отурумда тартипти бузган адамдардын сот залынан чыгып кетүүсү жөнүндө төрагалык кылуучунун тескөөсүн аткарат**.**<br>**4) күчүн жоготту деп таанылсын.**<br><br>3. Сот приставынын ушул беренеде каралган милдеттерди аткаруу менен байланышкан талаптары соттук отурумдун залында катышып отурган бардык жактар үчүн милдеттүү болуп саналат. |
| **62-берене. Иш боюнча өндүрүшкө катышууну жокко чыгаруучу жагдайлар**<br>1. Тергөөчү, прокурор, ~~**тергөө судьясы,**~~ судья иш боюнча өндүрүшкө катыша алышпайт, эгерде алар:<br>1) жабырлануучу, материалдык зыяндын жана (же) моралдык залалдын ордун толтуруу үчүн жоoптуу адам же ушул иш боюнча күбө болуп саналышса;<br>2) сот арачысы, тергөө судьясы, эксперт, адис, котормочу, соттук отурумдун катчысы, адвокат, шектүүнүн, айыпталуучунун мыйзамдуу өкүлү, жабырлануучунун өкүлү, материалдык зыяндын жана (же) моралдык залалдын ордун толтуруу үчүн жоoптуу адамдын өкүлү катары катышса;<br>3) ушул иш боюнча өндүрүштүн катышуучуларынын кимисинин болбосун жакын тууганы же жубайы болуп саналса. | **62-берене. Иш боюнча өндүрүшкө катышууну жокко чыгаруучу жагдайлар**<br>**1. Тергөөчү, прокурор, судья иш боюнча өндүрүшкө катыша алышпайт, эгерде алар:**<br>1) жабырлануучу, материалдык зыяндын жана (же) моралдык залалдын ордун толтуруу үчүн жоoптуу адам же ушул иш боюнча күбө болуп саналышса;<br>2) сот арачысы, тергөө судьясы, эксперт, адис, котормочу, соттук отурумдун катчысы, адвокат, шектүүнүн, айыпталуучунун мыйзамдуу өкүлү, жабырлануучунун өкүлү, материалдык зыяндын жана (же) моралдык залалдын ордун толтуруу үчүн жоoптуу адамдын өкүлү катары катышса;<br>3) ушул иш боюнча өндүрүштүн катышуучуларынын кимисинин болбосун жакын тууганы же жубайы болуп саналса. |

| | |
|---|---|
| 2. Эгерде ушул берененин 1-бөлүгүндө көрсөтүлгөн адамдар ушул кылмыш-жаза ишинин натыйжасына жеке, түз же кыйыр кызыкдар деп болжолдоого негиз берүүчү башка жагдайлар болгон учурларда, алар кылмыш-жаза иши боюнча өндүрүшкө катыша алышпайт. | 2. Эгерде ушул берененин 1-бөлүгүндө көрсөтүлгөн адамдар ушул кылмыш-жаза ишинин натыйжасына жеке, түз же кыйыр кызыкдар деп болжолдоого негиз берүүчү башка жагдайлар болгон учурларда, алар кылмыш-жаза иши боюнча өндүрүшкө катыша алышпайт. |
| **96-берене. Кармоонун негиздери**<br>**1. Кылмышты жасоого шектелгенди кармоо - бул кылмыштын алдын алуу, кармалгандын кылмышка катыштыгын билүү максатында, кийинкиге калтырууга мүмкүн болбогон учурларда тергөөчү тарабынан колдонулган адамдын ары-бери жүрүү эркиндигинен кыска мөөнөткө иш жүзүндө ажыратуу.**<br>2. Эркиндигинен ажыратуу түрүндөгү жаза дайындалышы мүмкүн болгон кылмышты жасаган учурда, төмөнкү негиздердин бири бар болсо, тергөөчү адамды шектүү катары кармоого укуктуу:<br>1) жак кылмыш жасап жаткан учурда же ал жасалгандан кийин түздөн-түз кармалган учурда;<br>2) ... | **96-берене. Кармоонун негиздери**<br>**1. Кылмышты жасоого шектелгенди кармоо - бул кылмыштын алдын алуу, кармалгандын кылмышка катыштыгын билүү максатында, кылмыштын алдын алуу же адам качып кетиши же башка кылмыш жасоосу мүмкүн деген негиздер бар кылмыш иши боюнча өндүрүштү камсыз кылуу жана ага карата камакка алуу түрүндөгү бөгөт коюу чарасын колдонуу жөнүндө маселени чечүү, кийинкиге калтырууга мүмкүн болбогон учурларда тергөөчү тарабынан колдонулган адамдын ары-бери жүрүү эркиндигинен кыска мөөнөткө иш жүзүндө ажыратуу.**<br>2. Эркиндигинен ажыратуу түрүндөгү жаза дайындалышы мүмкүн болгон кылмышты жасаган учурда, төмөнкү негиздердин бири бар болсо, тергөөчү адамды шектүү катары кармоого укуктуу:<br>1) жак кылмыш жасап жаткан учурда же ал жасалгандан кийин түздөн-түз кармалган учурда;<br>2) ... |
| **100-берене. Кармалган шектүүнү бошотуунун негиздери**<br>1. Кармалган шектүү ~~**соттун чечими,**~~ тергөөчүнүн же прокурордун токтому менен бошотулууга тийиш, эгерде:<br>1) кылмыш жасоодон шектенүү далилденбесе;<br>2) кармоонун мыйзамда белгиленген мөөнөтү өтүп кетсе;<br>3) камакка алуу түрүндөгү бөгөт коюу чараларын колдонууга негиз же зарылчылык болбосо;<br>4) кармоо ушул Кодекстин 96 жана 97-беренелеринин талаптарын бузуу менен жүргүзүлсө.<br>2. ..... | **100-берене. Кармалган шектүүнү бошотуунун негиздери**<br>**1. Кармалган шектүү тергөөчүнүн же прокурордун токтому менен бошотулууга тийиш, эгерде:**<br>1) кылмыш жасоодон шектенүү далилденбесе;<br>2) кармоонун мыйзамда белгиленген мөөнөтү өтүп кетсе;<br>3) камакка алуу түрүндөгү бөгөт коюу чараларын колдонууга негиз же зарылчылык болбосо;<br>4) кармоо ушул Кодекстин 96 жана 97-беренелеринин талаптарын бузуу менен жүргүзүлсө.<br>2. ..... |
| **104-берене. Бөгөт коюу чаралары жана алардын түрлөрү**<br>1. Кылмыш иши боюнча тергөөнүн жана соттук териштирүүнүн жүрүшүндө анын туура эмес жүрүм-турумун алдын алуу үчүн айыпталуучуга карата колдонулуучу чаралар бөгөт коюу чаралары болуп саналат.<br>2. Бөгөт коюу чараларынын түрлөрү:<br>1) башка жакка чыкпоо жөнүндө кол коюу<br>2) аскер бөлүгүнүн командачылыгынын көзөмөлдөөсүнө берүү;<br>3) баланы ата-энесинин же аларды алмаштырган адамдардын жана уюмдардын көз салуусуна берүү;<br>4) күрөө алуу;<br>5) үй камагы;<br>6) камакка алуу.<br>3. ~~**Башка кылмыш жасаган учурларды кошпогондо,**~~ бир эле адамга карата, бир гана бөгөт коюу чарасы колдонулушу мүмкүн.<br>~~**Ар кандай кылмыш иштери боюнча бир эле адамга карата бөгөт коюу чараларынын эки же андан ашык түрлөрү колдонулган учурда эң оор бөгөт коюу**~~ | **104-берене. Бөгөт коюу чаралары жана алардын түрлөрү**<br>1. Кылмыш иши боюнча тергөөнүн жана соттук териштирүүнүн жүрүшүндө анын туура эмес жүрүм-турумун алдын алуу үчүн айыпталуучуга карата колдонулуучу чаралар бөгөт коюу чаралары болуп саналат.<br>2. Бөгөт коюу чараларынын түрлөрү:<br>1) башка жакка чыкпоо жөнүндө кол коюу<br>2) аскер бөлүгүнүн командачылыгынын көзөмөлдөөсүнө берүү;<br>3) баланы ата-энесинин же аларды алмаштырган адамдардын жана уюмдардын көз салуусуна берүү;<br>4) күрөө алуу;<br>5) үй камагы;<br>6) камакка алуу.<br>**3. Бир эле адамга карата, бир гана бөгөт коюу чарасы колдонулушу мүмкүн.** |

| | |
|---|---|
| ~~**чарасы колдонулат.**~~ | |
| **105-берене. Бөгөт коюу чарасын колдонуу үчүн негиздер**<br>1. Айыпталуучу тергөөдөн же соттон жашырынып кетүүсү же болбосо күбөгө же кылмыш-жаза сот өндүрүшүнүн башка катышуучуларына коркунуч келтирүүсү, далилдерди жок кылуусу, башка жол менен тергөөнү жана ишти сотто териштирүүнү объективдүү жүргүзүүгө тоскоолдук кылуусу, же болбосо кылмыштуу иш менен алектенүүнү улантуусу жөнүндө болжоого жетиштүү негиздер болсо, ошондой эле өкүмдүн аткарылышын камсыз кылуу үчүн ~~**тергөөчү, прокурор,**~~ тергөө судьясы жана сот ~~**өздөрүнүн ыйгарым укуктарынын чектеринде**~~ бул адамга карата ушул Кодекстин 104-беренесинде каралган бөгөт коюу чараларынын бирин колдонушат.<br>2. Ушул Кодекстин 528-беренесинде каралган тартипте кылмыш-жаза жоопкерчилигине тартуу үчүн аны өткөрүп берүүнү камсыз кылуу же соттун өкүмүн аткаруу максатында адамды камакта кармоо түрүндө бөгөт коюу чарасы колдонулушу мүмкүн. | **105-берене. Бөгөт коюу чарасын колдонуу үчүн негиздер**<br>**1. Айыпталуучу тергөөдөн же соттон жашырынып кетүүсү же болбосо күбөгө же кылмыш-жаза сот өндүрүшүнүн башка катышуучуларына коркунуч келтирүүсү, далилдерди жок кылуусу, башка жол менен тергөөнү жана ишти сотто териштирүүнү объективдүү жүргүзүүгө тоскоолдук кылуусу, же болбосо кылмыштуу иш менен алектенүүнү улантуусу жөнүндө болжоого жетиштүү негиздер болсо, ошондой эле өкүмдүн аткарылышын камсыз кылуу үчүн тергөө судьясы жана сот бул адамга карата ушул Кодекстин 104-беренесинде каралган бөгөт коюу чараларынын бирин колдонушат.**<br>2. Ушул Кодекстин 528-беренесинде каралган тартипте кылмыш-жаза жоопкерчилигине тартуу үчүн аны өткөрүп берүүнү камсыз кылуу же соттун өкүмүн аткаруу максатында адамды камакта кармоо түрүндө бөгөт коюу чарасы колдонулушу мүмкүн. |
| **106-берене. Бөгөт коюу чарасын колдонуунун тартиби**<br>~~**1. Бөгөт коюу чарасын колдонууда тергөөчү, прокурор, тергөө судьясы, сот, жүйөлөштүрүлгөн токтом, аныктама чыгарат, анда айыпталуучунун аты-жөнү, туулган жылы жана жери, коюлуп жаткан айыптын маңызы, кылмыш-жаза мыйзамынын күнөө коюлуп жаткан беренеси, ага карата тандалган бөгөт коюу чарасынын түрү жана аны тандап алуу үчүн негиздер көрсөтүлөт.**~~<br>~~**2. Бөгөт коюу чарасын колдонуу жөнүндө тергөөчүнүн токтому айыпталуучуга кол кат алуу менен окуп берилип, көчүрмөсү прокурорго жөнөтүлөт. Бир эле учурда ага ушул Кодекстин 15-главасында каралган бөгөт коюу чараларын колдонуу жөнүндө чечимге даттануу тартиби түшүндүрүлөт.**~~<br>3. ~~**Күрөө, үй камагы жана камак түрүндөгү**~~ бөгөт коюу чарасын колдонууда тергөөчү прокурордун макулдугу менен соттун алдында тиешелүү өтүнүчтү козгойт. Өтүнүчтү козгоо жөнүндө токтомдо айыпталуучуга карата тиешелүү бөгөт коюу чарасын колдонуунун зарылдыгы келип чыккан жүйөлөр жана негиздер баяндалат. Токтомго өтүнүчтүн негиздүүлүгүн ырастоочу материалдар тиркелет. Эгерде өтүнүч ушул Кодекстин 96 жана 97-беренелеринде белгиленген тартипте кармалган айыпталуучуга карата козголсо, анда көрсөтүлгөн материалдар тергөөчү тарабынан тергөө судьясына иш жүзүндө кармалган учурдан тартып 45 саат өткөнгө, ал эми балага карата иш жүзүндө кармалган учурдан тартып 21 саат өткөнгө чейин берилүүгө тийиш.<br>4. …<br>7. ~~**Күрөө, үй камагы жана камакка алуу түрүндөгү**~~ бөгөт коюу чарасын колдонуу жөнүндө же андан баш тартуу жөнүндө тергөө судьясынын токтому, прокурор, айыпталуучу жана анын адвокаты тарабынан жогору турган сотко 5 сутканын ичинде апелляциялык тартипте даттанылышы мүмкүн. Тергөө судьясынын токтомуна сунуш же даттануу чыгаруу ал чечилгенге чейин бөгөт коюу чарасын колдонуу жөнүндө токтомдун аракетин токтотпойт жана анын жокко чыгарылышына алып келбейт. | **106-берене. Бөгөт коюу чарасын колдонуунун тартиби**<br>**1. Күчүн жоготту деп таанылсын.**<br>**2. Күчүн жоготту деп таанылсын.**<br>**3. Бөгөт коюу чарасын колдонууда тергөөчү прокурордун макулдугу менен соттун алдында тиешелүү өтүнүчтү козгойт.** Өтүнүчтү козгоо жөнүндө токтомдо айыпталуучуга карата тиешелүү бөгөт коюу чарасын колдонуунун зарылдыгы келип чыккан жүйөлөр жана негиздер баяндалат. Токтомго өтүнүчтүн негиздүүлүгүн ырастоочу материалдар тиркелет. Эгерде өтүнүч ушул Кодекстин 96 жана 97-беренелеринде белгиленген тартипте кармалган айыпталуучуга карата козголсо, анда көрсөтүлгөн материалдар тергөөчү тарабынан тергөө судьясына иш жүзүндө кармалган учурдан тартып 45 саат өткөнгө, ал эми балага карата иш жүзүндө кармалган учурдан тартып 21 саат өткөнгө чейин берилүүгө тийиш.<br>4. …<br>**7. Бөгөт коюу чарасын колдонуу жөнүндө же андан баш тартуу жөнүндө тергөө судьясынын токтому, прокурор, айыпталуучу жана анын адвокаты тарабынан жогору турган сотко 5 сутканын ичинде апелляциялык тартипте даттанылышы мүмкүн.** Тергөө судьясынын токтомуна сунуш же даттануу чыгаруу ал чечилгенге чейин бөгөт коюу чарасын колдонуу жөнүндө токтомдун аракетин токтотпойт жана анын жокко чыгарылышына алып келбейт.<br>**8. Даттанууну, сунуштарды кароонун натыйжалары боюнча кабыл алынган апелляциялык инстанциядагы соттун чечими прокурор, айыпталуучу жана анын адвокаты тарабынан жогору турган сотко 5 сутканын ичинде кассациялык тартипте даттанылышы мүмкүн. Апелляциялык инстанциядагы соттун** |

| | |
|---|---|
| | **чечимине сунуш же даттануу чыгаруу ал чечилгенге чейин бөгөт коюу чарасын колдонуу жөнүндө токтомдун аракетин токтотпойт жана анын жокко чыгарылышына алып келбейт.** |
| **107-берене. Бөгөт коюу чарасын колдонууда эске алынуучу жагдайлар**<br>1. Бөгөт коюу чарасын колдонуунун зарылчылыгы жөнүндө маселени чечүүдө, ушул Кодекстин 105-беренесинде каралган негиздер болгон учурда анын түрүн аныктоодо тергөө судьясы, сот айыптын негиздүүлүгүн, айыпталуучунун инсандыгы жөнүндө маалыматтарды, анын курагын, ден соолугун, үй-бүлөлүк абалын, ишинин түрүн жана башка жагдайларды эске алат.<br>**2. Тергөөчү, сот төмөнкүлөргө милдеттүү:**<br>1) камоого алынган адамдын көзөмөлсүз калган балдары бар болсо, аларды тиешелүү адамдардын же уюмдардын камкордугуна өткөрүп берүүгө;<br>2) камакка алынган адамдын кароосуз калган мүлкү же турак жайы бар болсо, аны кайтаруу чараларын көрүүгө.<br>3. Көрүлгөн чаралар жөнүндө тергөөчү, сот камакта жаткан ~~шектүүгө,~~ айыпталуучуга маалымдайт. | **107-берене. Бөгөт коюу чарасын колдонууда эске алынуучу жагдайлар**<br>1. Бөгөт коюу чарасын колдонуунун зарылчылыгы жөнүндө маселени чечүүдө, ушул Кодекстин 105-беренесинде каралган негиздер болгон учурда анын түрүн аныктоодо тергөө судьясы, сот айыптын негиздүүлүгүн, айыпталуучунун инсандыгы жөнүндө маалыматтарды, анын курагын, ден соолугун, үй-бүлөлүк абалын, ишинин түрүн жана башка жагдайларды эске алат.<br>**2. Тергөөчү, тергөө судьясы, сот төмөнкүлөргө милдеттүү:**<br>1) камоого алынган адамдын көзөмөлсүз калган балдары бар болсо, аларды тиешелүү адамдардын же уюмдардын камкордугуна өткөрүп берүүгө;<br>2) камакка алынган адамдын кароосуз калган мүлкү же турак жайы бар болсо, аны кайтаруу чараларын көрүүгө.<br>**3. Көрүлгөн чаралар жөнүндө тергөөчү, сот камакта жаткан айыпталуучуга маалымдайт.** |
| **108-берене. Бөгөт коюу чараларын колдонуу жөнүндө токтом жана аныктама**<br>1. ~~Күрөө, үй камагы жана камакка алуу түрүндөгү~~ бөгөт коюу чарасын колдонуу жөнүндө тергөө судьясы, сот адам айыпталып жаткан кылмышты көрсөткөн жана бөгөт коюунун бул чарасын колдонуу үчүн негиздерди камтыган токтом, аныктама чыгарышат.<br>2. Токтомдун же аныктаманын көчүрмөлөрү ага карата чыгарылган адамга, ошондой эле анын адвокатына, мыйзамдуу өкүлүнө жана прокурорго тез арада берилет.<br>3. Ошол эле убакта бөгөт коюу чарасы колдонулган адамга ушул Кодекстин 16-главасында аныкталган бөгөт коюу чарасын колдонуу жөнүндө чечимге даттануу тартиби түшүндүрүлөт. | **108-берене. Бөгөт коюу чараларын колдонуу жөнүндө токтом жана аныктама**<br>**1. Бөгөт коюу чарасын колдонуу жөнүндө тергөө судьясы, сот адам айыпталып жаткан кылмышты көрсөткөн жана бөгөт коюунун бул чарасын колдонуу үчүн негиздерди камтыган токтом, аныктама чыгарышат**.<br>2. Токтомдун же аныктаманын көчүрмөлөрү ага карата чыгарылган адамга, ошондой эле анын адвокатына, мыйзамдуу өкүлүнө жана прокурорго тез арада берилет.<br>3. Ошол эле убакта бөгөт коюу чарасы колдонулган адамга ушул Кодекстин 16-главасында аныкталган бөгөт коюу чарасын колдонуу жөнүндө чечимге даттануу тартиби түшүндүрүлөт. |
| **109-берене. Башка жакка кетпөө жөнүндө тил кат**<br>**Башка жакка кетпөө жөнүндө тил кат - тергөөчүнүн, прокурордун, соттун уруксатысыз туруктуу же убактылуу жашаган жерин (калктуу конушун) таштап кетпөөгө, тергөө өндүрүшүнө жана ишти сотто териштирүүгө тоскоолдук кылбоого, чакыруу боюнча белгиленген убакта келүү жөнүндөгү тергөөчү, прокурор, сот тарабынан айыпталуучудан жазуу жүзүндө алынган милдеттенме.** | **109-берене. Башка жакка кетпөө жөнүндө тил кат**<br>**Башка жакка кетпөө жөнүндө тил кат - тергөөчүнүн, прокурордун, соттун уруксатысыз туруктуу же убактылуу жашаган жерин таштап кетпөөгө, тергөө өндүрүшүнө жана ишти сотто териштирүүгө тоскоолдук кылбоого, чакыруу боюнча белгиленген убакта келүү жөнүндөгү жазуу милдеттенмеси.** |
| **112-берене. Күрөө**<br>1. Күрөө – айыпталуучу же болбосо башка адам тарабынан айыпталуучунун ушул Кодекстин 105-беренесинде саналып өткөн аракеттерди жасабагандыгынын кепилдиги катары ыйгарым укуктуу мамлекеттик органдын атайын эсебине төгүүчү акчалай сумма.<br>2. Күрөөнүн өлчөмү келтирилген зыяндын өлчөмүнөн, кылмыштын оордугунун даражасынан жана айыпталуучунун инсандыгынан ~~кошулуучу суммадан~~ аныкталат.<br>3. … | **112-берене. Күрөө**<br>1. Күрөө – айыпталуучу же болбосо башка адам тарабынан айыпталуучунун ушул Кодекстин 105-беренесинде саналып өткөн аракеттерди жасабагандыгынын кепилдиги катары ыйгарым укуктуу мамлекеттик органдын атайын эсебине төгүүчү акчалай сумма.<br>**2. Күрөөнүн өлчөмү келтирилген зыяндын өлчөмүнөн, кылмыштын оордугунун даражасынан жана айыпталуучунун инсандыгынан аныкталат.**<br>3. … |

| | |
|---|---|
| **115-берене. Тергөөнүн жүрүшүндө бөгөт коюу чарасын колдонуунун мөөнөтү жана аларды узартуунун тартиби**<br>1. ~~**Үй камагы жана камак түрүндөгү**~~ бөгөт коюу чарасы тергөө судьясынын чечими боюнча ар бир жолу 2 айга чейинки мөөнөткө кабыл алынат.<br>2. 2 айга чейинки мөөнөттө тергөөнү аяктоо мүмкүн болбогон учурда жана ~~**үй камагы жана камакка алуу түрүндөгү**~~ бөгөт коюу чарасын өзгөртүүгө же жокко чыгарууга негиз жок болсо, бул мөөнөт тергөөчүнүн өтүнүчү боюнча прокурордун макулдугу менен тергөө судьясы тарабынан узартылышы мүмкүн.<br>3. ~~**Үй камагы жана камакка алуу түрүндөгү**~~ бөгөт коюу чарасын колдонуу мөөнөтүн узартуу жөнүндө өтүнүчтү козгоо жөнүндө токтом бөгөт коюу чарасын колдонуунун мөөнөтү аяктаганга чейин 5 суткадан кеч эмес мөөнөттө тергөө өндүрүшүнүн жери боюнча сотко берилүүгө тийиш. Токтомдо мөөнөттү узартуу зарыл болгон себептер, изилдөө зарыл болгон жагдайлар жана бул бөгөт коюу чарасын сактап калуунун зарылдыгынын негиздери чагылдырылууга тийиш. Өтүнүч тергөө судьясы тарабынан ушул Кодекстин 266-беренесинде белгиленген тартипте каралат.<br>Камакка алуу түрүндө бөгөт коюу чарасын колдонуунун мөөнөтүнүн ичинде жүргүзүлгөн тергөө аракеттеринин жок экендигинин фактысы соттук отурумда аныкталган учурда тергөө судьясы тараптардын өтүнүчү боюнча бөгөт коюу чарасын өзгөртүүгө укуктуу.<br>4. ...<br><br>**10. Ушул Кодекстин 300-беренесинин 3-бөлүгүндө каралган негиздер боюнча ишти сот прокурорго кайтарып бергенде, айыпталуучунун камакта, үй камагында кармоо мөөнөтү бүтсө, бирок иштин жагдайлары боюнча камакта, үй камагында кармоо түрүндөгү бөгөт коюу чарасы сот тарабынан өзгөртүүгө болбосо, судья (сот) өзүнүн токтому, аныктамасы менен бөгөт коюу чараларынын мөөнөтүн бир айга узартуу жөнүндө маселени чечет.**<br><br>Көрсөтүлгөн мөөнөттү андан ары узартуу ушул березенин 2-бөлүгүндө белгиленген тартипте жана чектерде жүзөгө ашырылат.<br>11. Камакка алуу түрүндөгү бөгөт коюу чарасын колдонуунун мөөнөтүн бир жылдан ашык узартууга жол берилбейт жана башка бөгөт коюу чарасына өзгөртүлүүгө тийиш. | **115-берене. Тергөөнүн жүрүшүндө бөгөт коюу чарасын колдонуунун мөөнөтү жана аларды узартуунун тартиби**<br>**1. Бөгөт коюу чарасы тергөө судьясынын чечими боюнча ар бир жолу 2 айга чейинки мөөнөткө кабыл алынат.**<br>**2. 2 айга чейинки мөөнөттө тергөөнү аяктоо мүмкүн болбогон учурда жана бөгөт коюу чарасын өзгөртүүгө же жокко чыгарууга негиз жок болсо, бул мөөнөт тергөөчүнүн өтүнүчү боюнча прокурордун макулдугу менен тергөө судьясы тарабынан узартылышы мүмкүн.**<br>**3. Бөгөт коюу чарасын колдонуу мөөнөтүн узартуу жөнүндө өтүнүчтү козгоо жөнүндө токтом бөгөт коюу чарасын колдонуунун мөөнөтү аяктаганга чейин 5 суткадан кеч эмес мөөнөттө тергөө өндүрүшүнүн жери боюнча сотко берилүүгө тийиш.** Токтомдо мөөнөттү узартуу зарыл болгон себептер, изилдөө зарыл болгон жагдайлар жана бул бөгөт коюу чарасын сактап калуунун зарылдыгынын негиздери чагылдырылууга тийиш. Өтүнүч тергөө судьясы тарабынан ушул Кодекстин 266-беренесинде белгиленген тартипте каралат.<br>Камакка алуу түрүндө бөгөт коюу чарасын колдонуунун мөөнөтүнүн ичинде жүргүзүлгөн тергөө аракеттеринин жок экендигинин фактысы соттук отурумда аныкталган учурда тергөө судьясы тараптардын өтүнүчү боюнча бөгөт коюу чарасын өзгөртүүгө укуктуу.<br>4. ...<br><br>**10. Ушул Кодекстин 278-беренесинде каралган негиздер боюнча ишти сот прокурорго кайтарып бергенде, айыпталуучунун камакта, үй камагында кармоо мөөнөтү бүтсө, бирок иштин жагдайлары боюнча камакта, үй камагында кармоо түрүндөгү бөгөт коюу чарасы сот тарабынан өзгөртүүгө болбосо, судья (сот) өзүнүн токтому менен бөгөт коюу чараларынын мөөнөтүн бир айга узартуу жөнүндө маселени чечет.**<br>**Ушул Кодекстин 300-беренесинин 3-бөлүгүндө каралган негиздер боюнча ишти сот прокурорго кайтарып бергенде, камакта, үй камагында кармоо түрүндөгү бөгөт коюу чарасы сот тарабынан өзгөртүүсүз калтырылса, айыпталуучунун камакка алуу же үй камагында кармоо түрүндөгү бөгөт коюу чарасынын мөөнөтү прокурорго иш келип түшкөндөн тартып эсептелет жана 1 айдан ашпоого тийиш.**<br>Көрсөтүлгөн мөөнөттү андан ары узартуу ушул березенин 2-бөлүгүндө белгиленген тартипте жана чектерде жүзөгө ашырылат.<br>11. Камакка алуу түрүндөгү бөгөт коюу чарасын колдонуунун мөөнөтүн бир жылдан ашык узартууга жол берилбейт жана башка бөгөт коюу чарасына өзгөртүлүүгө тийиш. |
| **119-берене. Айдап келүү**<br>1. Шектүү, айыпталуучу, жабырлануучу, күбө жүйөлүү себептерсиз чакыруу боюнча келбей койгон учурда тергөөчүнүн же судьянын (соттун) жүйөлөштүрүлгөн токтому боюнча **айдап келүүгө** (мажбурлап жеткирилүүгө) дуушар болушу мүмкүн.<br><br>2. Келбей коюунун жүйөлүү себептери деп төмөнкүлөр таанылат:<br>1) адамды келүү мүмкүнчүлүгүнөн ажыраткан оору; | **119-берене. Мажбурлап алып келүү**<br>1. Шектүү, айыпталуучу, жабырлануучу, күбө жүйөлүү себептерсиз чакыруу боюнча келбей койгон учурда тергөөчүнүн же судьянын (соттун) жүйөлөштүрүлгөн токтому боюнча **мажбурлап алып келүүгө** (мажбурлап жеткирилүүгө) дуушар болушу мүмкүн.<br>2. Келбей коюунун жүйөлүү себептери деп төмөнкүлөр таанылат:<br>1) адамды келүү мүмкүнчүлүгүнөн ажыраткан оору; |

| | |
|---|---|
| 2) жакын тууганадарынын, жубайынын өлүмү;<br>3) табигый кырсыктар;<br>4) чакыруу кагазын албай калуу;<br>5) адамды белгиленген мөөнөттө келүү мүмкүнчүлүгүнөн ажыраткан башка жагдайлар.<br>Чакыруу боюнча белгиленген мөөнөттө келүүгө тоскоолдук кылган жүйөлүү себептердин болгондугу жөнүндө шектүү, айыпталуучу, жабырлануучу, күбө өздөрү чакыртылган органга маалымдоого милдеттүү.<br>3. **Айдап келүү** жөнүндө токтом шектүүгө, айыпталуучуга, жабырлануучуга, күбөгө жарыя кылынат, бул токтомдогу алардын койгон колу менен ырасталат.<br><br>4. **Айдап келүү** түнкү убакта жүргүзүлүшү мүмкүн эмес.<br>5. 14 жашка чейинки балдар, кош бойлуу аялдар, ошондой эле ден соолугунун абалы боюнча өзүнүн турган жерин таштап кете албаган же таштабоого тийиш болгон оорулуу адамдар **айдап келүүгө** жатпайт, бул медициналык мекеме тарабынан ырасталууга жатат.<br>**6. Сотко чейинки өндүрүштөгү айдап келүү алгачкы тергөө органы, ал эми соттук өндүрүштө - сот приставы тарабынан жүзөгө ашырылат.**<br><br>**Мамлекеттик тилде** | 2) жакын тууганадарынын, жубайынын өлүмү;<br>3) табигый кырсыктар;<br>4) чакыруу кагазын албай калуу;<br>5) адамды белгиленген мөөнөттө келүү мүмкүнчүлүгүнөн ажыраткан башка жагдайлар.<br>Чакыруу боюнча белгиленген мөөнөттө келүүгө тоскоолдук кылган жүйөлүү себептердин болгондугу жөнүндө шектүү, айыпталуучу, жабырлануучу, күбө өздөрү чакыртылган органга маалымдоого милдеттүү.<br>3. **Мажбурлап алып келүү** жөнүндө токтом шектүүгө, айыпталуучуга, жабырлануучуга, күбөгө жарыя кылынат, бул токтомдогу алардын койгон колу менен ырасталат.<br>4. **Мажбурлап алып** келүү түнкү убакта жүргүзүлүшү мүмкүн эмес.<br>5. 14 жашка чейинки балдар, кош бойлуу аялдар, ошондой эле ден соолугунун абалы боюнча өзүнүн турган жерин таштап кете албаган же таштабоого тийиш болгон оорулуу адамдар **мажбурлап алып келүүгө** жатпайт, бул медициналык мекеме тарабынан ырасталууга жатат.<br>**6. Мажбурлап алып келүү сотко чейинки өндүрүштү жүргүзгөн орган тарабынан жүзөгө ашырылат.** |
| **120-берене. Кызматтан убактылуу четтетүү**<br>1. Тергөөнүн жүрүшүндө тергөө судьясы~~, ал эми сот өндүрүшүндө - сот~~ тергөөчүнүн, прокурордун же жабырлануучунун өтүнүчү боюнча бул кызматта калуу менен ишти сотто калыс кароого же териштирүүгө тоскоолдук кылат же кылмыштуу ишти жасоону улантат деп болжолдоого жетиштүү негиздер болгондо, шектүүнү, айыпталуучуну кызматынан убактылуу бошотууга укуктуу.<br>2. Өтүнүчтүн негиздүүлүгүн ырастоочу документтерди тиркөө менен кызматтан убактылуу четтетүү жөнүндө өтүнүчтү козгоо жөнүндө токтомдун көчүрмөсү тергөөчү, прокурор тарабынан айыпталуучуга, анын адвокатына аны тергөө судьясына, сотко бергенге чейин 3 сааттан кеч эмес мөөнөттө тапшырылат.<br>3. Айыпталуучуну кызматынан убактылуу четтетүү жөнүндө тергөө судьясынын~~, судьянын~~ токтому~~, соттун аныктамасы~~ алар иштеген жер боюнча уюмдун жетекчисине жиберилип, жетекчи аларды алгандан кийин 3 күндүк мөөнөттө аткарууга жана бул жөнүндө тергөөчүгө, прокурорго же сотко кабарлоого милдеттүү.<br>4. Айыпталуучуну кызматынан убактылуу четтетүү бул чараны колдонуунун зарылдыгы жок болгондо, судьянын токтому, соттун аныктамасы менен жокко чыгарылат. | **120-берене. Кызматтан убактылуу четтетүү**<br>**1. Тергөөнүн жүрүшүндө тергөө судьясы тергөөчүнүн, прокурордун же жабырлануучунун өтүнүчү боюнча бул кызматта калуу менен ишти сотто калыс кароого же териштирүүгө тоскоолдук кылат же кылмыштуу ишти жасоону улантат деп болжолдоого жетиштүү негиздер болгондо, шектүүнү, айыпталуучуну кызматынан убактылуу бошотууга укуктуу.**<br>2. Өтүнүчтүн негиздүүлүгүн ырастоочу документтерди тиркөө менен кызматтан убактылуу четтетүү жөнүндө өтүнүчтү козгоо жөнүндө токтомдун көчүрмөсү тергөөчү, прокурор тарабынан айыпталуучуга, анын адвокатына аны тергөө судьясына, сотко бергенге чейин 3 сааттан кеч эмес мөөнөттө тапшырылат.<br>**3. Айыпталуучуну кызматынан убактылуу четтетүү жөнүндө тергөө судьясынын токтому алар иштеген жер боюнча уюмдун жетекчисине жиберилип, жетекчи аларды алгандан кийин 3 күндүк мөөнөттө аткарууга жана бул жөнүндө тергөөчүгө, прокурорго же сотко кабарлоого милдеттүү.**<br>4. Айыпталуучуну кызматынан убактылуу четтетүү бул чараны колдонуунун зарылдыгы жок болгондо, судьянын токтому, соттун аныктамасы менен жокко чыгарылат. |
| **131-берене. Соттун өкүмүнө, аныктамасына, токтомуна даттануу (сунуш)**<br>1. Биринчи жана апелляциялык инстанциялардагы соттордун өкүмүнө, аныктамасына жана токтомуна даттануу (сунуш) ушул Кодекстин 46-главасынын эрежелерине ылайык берилет.<br>2. Мыйзамдуу күчүнө кирген соттун чечимин кайра кароо жөнүндө даттануу (сунуш) ~~тергөө судьясынын чечимин кошпогондо,~~ ушул Кодекстин 51-главасынын эрежелерине ылайык берилет. | **131-берене. Соттун өкүмүнө, аныктамасына, токтомуна даттануу (сунуш)**<br>1. Биринчи жана апелляциялык инстанциялардагы соттордун өкүмүнө, аныктамасына жана токтомуна даттануу (сунуш) ушул Кодекстин 46-главасынын эрежелерине ылайык берилет.<br>**2. Мыйзамдуу күчүнө кирген соттун чечимин кайра кароо жөнүндө даттануу (сунуш) ушул Кодекстин 51-главасынын эрежелерине ылайык берилет.** |

| | |
|---|---|
| **140-берене. Процессуалдык чыгымдарды өндүрүп алуу**<br>1. Процессуалдык чыгымдар Министрлер Кабинети тарабынан белгиленген тартипте мамлекеттик бюджеттин каражаттарынын эсебинен төлөнөт же соттолгондордон өндүрүлөт.<br>2. Ушул берененин 4 жана 5-бөлүктөрүндө каралган учурларда котормочуга, ошондой эле адвокатка төлөнүп берилген суммаларды кошпогондо, сот процессуалдык чыгымдарды айыпталуучудан өндүрүп алууга укуктуу. Процессуалдык чыгымдар жазадан бошотулган соттолгонго, ошондой эле жаза дайындалбастан соттолгонго да жүктөлүшү мүмкүн.<br>3. Ишке котормочунун катышуусу менен байланышкан процессуалдык чыгымдар мамлекеттик бюджеттин каражаттарынын эсебинен төлөнөт.<br>4. ... | **140-берене. Процессуалдык чыгымдарды өндүрүп алуу**<br>1. Процессуалдык чыгымдар Министрлер Кабинети тарабынан белгиленген тартипте мамлекеттик бюджеттин каражаттарынын эсебинен төлөнөт же соттолгондордон өндүрүлөт.<br>2. Ушул берененин 4 жана 5-бөлүктөрүндө каралган учурларда котормочуга, ошондой эле адвокатка төлөнүп берилген суммаларды кошпогондо, сот процессуалдык чыгымдарды айыпталуучудан өндүрүп алууга укуктуу. Процессуалдык чыгымдар жазадан бошотулган соттолгонго, ошондой эле жаза дайындалбастан соттолгонго да жүктөлүшү мүмкүн.<br>**Процессуалдык чыгымдар ушул Кодексинин 27-беренесинин 1-бөлүгүнүн 9, 11, 12, 13-пункттарынын негизинде кылмыш иши өндүрүштөн кыскартылган айыпталуучулардан өндүрүлүүгө жатат.**<br>3. Ишке котормочунун катышуусу менен байланышкан процессуалдык чыгымдар мамлекеттик бюджеттин каражаттарынын эсебинен төлөнөт.<br>4. ... |
| **265-берене. Шектүүнү кармоонун мыйзамдуулугун жана негиздүүлүгүн текшерүү тартиби**<br>1. Шектүүнү кармоонун мыйзамдуулугун жана негиздүүлүгүн текшерүү прокурордун, тергөөчүнүн, адвокаттын, мыйзамдуу өкүлдүн катышуусу менен шектүү кармалган жер боюнча ачык соттук отурумда материалдар сотко келип түшкөн учурдан тартып 2 сааттын ичинде тергөө судьясы тарабынан жүзөгө ашырылат. Айыпталуучудан, анын адвокатынан, прокурордон тышкары, соттук отурумдун убактысы жана орун алган жери жөнүндө өз мезгилинде кабарландырылган тараптардын келбей коюусу иштин материалдарын кароо үчүн жолтоо болуп саналбайт. Адвокат келбей калган учурда айыпталуучу аны башкасы менен алмаштырууга укуктуу.<br>2. ...<br>4. Кылмыш жасоого шектенүү боюнча адамды кармоонун мыйзамдуулугу же мыйзамсыздыгы, негиздүүлүгү же негизсиздиги жөнүндө тергөө судьясынын токтому чыккан күндөн тартып 5 сутканын ичинде апелляциялык тартипте даттанылышы мүмкүн.<br>5. ... | **265-берене. Шектүүнү кармоонун мыйзамдуулугун жана негиздүүлүгүн текшерүү тартиби**<br>1. Шектүүнү кармоонун мыйзамдуулугун жана негиздүүлүгүн текшерүү прокурордун, тергөөчүнүн, адвокаттын, мыйзамдуу өкүлдүн катышуусу менен **тергөө жүргүзүлгөн жери боюнча же** шектүү кармалган жер боюнча ачык соттук отурумда материалдар сотко келип түшкөн учурдан тартып 2 сааттын ичинде тергөө судьясы тарабынан жүзөгө ашырылат. Айыпталуучудан, анын адвокатынан, прокурордон тышкары, соттук отурумдун убактысы жана орун алган жери жөнүндө өз мезгилинде кабарландырылган тараптардын келбей коюусу иштин материалдарын кароо үчүн жолтоо болуп саналбайт. Адвокат келбей калган учурда айыпталуучу аны башкасы менен алмаштырууга укуктуу.<br>2. ...<br>4. Кылмыш жасоого шектенүү боюнча адамды кармоонун мыйзамдуулугу же мыйзамсыздыгы, негиздүүлүгү же негизсиздиги жөнүндө тергөө судьясынын токтому чыккан күндөн тартып 5 сутканын ичинде апелляциялык тартипте даттанылышы мүмкүн.<br>**4-1. Кылмыш жасоого шектенүү боюнча адамды кармоонун мыйзамдуулугу же мыйзамсыздыгы, негиздүүлүгү же негизсиздиги жөнүндө апелляциялык инстанциядагы соттун чечими чыккан күндөн тартып 5 сутканын ичинде кассациялык тартипте даттанылышы мүмкүн.**<br>5. ... |
| **266-берене. Бөгөт коюу чарасын колдонуу, өзгөртүү, ошондой эле бөгөт коюу чарасынын мөөнөтүн узартуу жөнүндө өтүнүчтү кароо тартиби**<br>1. Бөгөт коюу чарасы сотко тергөөчүнүн өтүнүчү келип түшкөн учурдан тартып 5 сааттын ичинде тергөө жүргүзүлгөн жери боюнча же болбосо айыпталуучу кармалган жер боюнча айыпталуучунун, тергөөчүнүн, прокурордун, адвокаттын катышуусу менен ачык соттук отурумда тергөө судьясы тарабынан колдонулат. Соттук отурумуна айыпталып жаткан баланын мыйзамдуу өкүлү катышууга милдеттүү.<br>2. Айыпталуучу келбей калган учурларды кошпогондо, соттук отурумдун | **266-берене. Бөгөт коюу чарасын колдонуу, өзгөртүү, ошондой эле бөгөт коюу чарасынын мөөнөтүн узартуу жөнүндө өтүнүчтү кароо тартиби**<br>1. Бөгөт коюу чарасы сотко тергөөчүнүн өтүнүчү келип түшкөн учурдан тартып 5 сааттын ичинде тергөө жүргүзүлгөн жери боюнча же болбосо айыпталуучу кармалган жер боюнча айыпталуучунун, тергөөчүнүн, прокурордун, адвокаттын катышуусу менен ачык соттук отурумда тергөө судьясы тарабынан колдонулат. Соттук отурумуна айыпталып жаткан баланын мыйзамдуу өкүлү катышууга милдеттүү.<br>2. Айыпталуучу келбей калган учурларды кошпогондо, соттук отурумдун |

| | |
|---|---|
| убактысы жөнүндө өз мезгилинде кабарландырылган тараптардын жүйөсүз себептер боюнча келбей калышы өтүнүчтү кароо үчүн жолтоо болуп саналбайт. Адвокат келбей калган учурда айыпталуучу аны башкасы менен алмаштырууга укуктуу.<br>3. Айыпталуучу жокто бөгөт коюу чарасы түрүндө камакка алууну колдонуу жөнүндө токтом чыгарууга анын келишин камсыз кылуу боюнча толук чаралар көрүлгөндөн кийин гана жол берилет.<br>4. Соттук отурумдун башталышында тергөө судьясы кандай өтүнүч кароого жата тургандыгын кулактандырат, соттук отурумуна келген адамдарга алардын укуктарын жана милдеттерин түшүндүрөт. Андан кийин тергөөчү аны негиздейт, андан соң соттук отурумга келген башка адамдар угулат.<br>5. Өтүнүчтү карагандан кийин тергөө судьясы төмөнкүдөй токтомдордун бирин чыгарат:<br>1) айыпталуучуга карата бөгөт коюу чарасын колдонуу жөнүндө;<br>2) суралган бөгөт коюу чарасын колдонуу жөнүндө өтүнүчтү канааттандыруудан баш тартуу жана ~~айыпталуучунун абалын начарлатпай турган~~ башка бөгөт коюу чарасын колдонуу жөнүндө.<br>6. ...<br>8. Бөгөт коюу чарасын колдонуу мөөнөтүн узартуу жөнүндө өтүнүчтү козгоо тууралуу токтом камакта, үй камагында кармоо мөөнөтү аяктаганга чейин 5 суткадан кечиктирбестен сотко чейинки өндүрүш жүргөн жери боюнча берилүүгө тийиш. Тергөө судьясы өтүнүч алынган күндөн тартып 3 суткадан кечиктирбестен бөгөт коюу чарасын колдонуу үчүн ушул берене менен белгиленген тартипте төмөнкүдөй чечимдердин бирин кабыл алат:<br>1) бөгөт коюу чарасын колдонуу мөөнөтүн узартуу жөнүндө;<br>2) бөгөт коюу чарасын колдонуу мөөнөттөрүн узартуу жөнүндө өтүнүчтү канааттандыруудан баш тартуу жана ~~айыпталуучунун абалын начарлатпай турган~~ башка бөгөт коюу чарасын колдонуу жөнүндө.<br>9. ...<br>**11. Даттанууну, сунуштарды кароонун натыйжалары боюнча кабыл алынган апелляциялык инстанциядагы соттун чечими даттанылбайт.** | убактысы жөнүндө өз мезгилинде кабарландырылган тараптардын жүйөсүз себептер боюнча келбей калышы өтүнүчтү кароо үчүн жолтоо болуп саналбайт. Адвокат келбей калган учурда айыпталуучу аны башкасы менен алмаштырууга укуктуу.<br>3. Айыпталуучу жокто бөгөт коюу чарасы түрүндө камакка алууну колдонуу жөнүндө токтом чыгарууга анын келишин камсыз кылуу боюнча толук чаралар көрүлгөндөн кийин гана жол берилет.<br>4. Соттук отурумдун башталышында тергөө судьясы кандай өтүнүч кароого жата тургандыгын кулактандырат, соттук отурумуна келген адамдарга алардын укуктарын жана милдеттерин түшүндүрөт. Андан кийин тергөөчү аны негиздейт, андан соң соттук отурумга келген башка адамдар угулат.<br>5. Өтүнүчтү карагандан кийин тергөө судьясы төмөнкүдөй токтомдордун бирин чыгарат:<br>1) айыпталуучуга карата бөгөт коюу чарасын колдонуу жөнүндө;<br>**2) суралган бөгөт коюу чарасын колдонуу жөнүндө өтүнүчтү канааттандыруудан баш тартуу жана башка бөгөт коюу чарасын колдонуу жөнүндө.**<br>6. ...<br>8. Бөгөт коюу чарасын колдонуу мөөнөтүн узартуу жөнүндө өтүнүчтү козгоо тууралуу токтом камакта, үй камагында кармоо мөөнөтү аяктаганга чейин 5 суткадан кечиктирбестен сотко чейинки өндүрүш жүргөн жери боюнча берилүүгө тийиш. Тергөө судьясы өтүнүч алынган күндөн тартып 3 суткадан кечиктирбестен бөгөт коюу чарасын колдонуу үчүн ушул берене менен белгиленген тартипте төмөнкүдөй чечимдердин бирин кабыл алат:<br>1) бөгөт коюу чарасын колдонуу мөөнөтүн узартуу жөнүндө;<br>**2) бөгөт коюу чарасын колдонуу мөөнөттөрүн узартуу жөнүндө өтүнүчтү канааттандыруудан баш тартуу жана башка бөгөт коюу чарасын колдонуу жөнүндө.**<br>9. ...<br>**11. Күрөө, үй камагы жана камакка алуу түрүндөгү бөгөт коюу чарасын колдонуу жөнүндө же андан баш тартуу жөнүндө даттанууну кароонун натыйжасында кабыл алынган чечимдерди кошпогондо, даттанууну, сунуштарды кароонун натыйжалары боюнча кабыл алынган апелляциялык инстанциядагы соттун чечими даттанылбайт.** |
| **267-берене. Кызмат ордунан убактылуу четтетүү жөнүндө өтүнүчтү кароо тартиби**<br>1. ...<br>5. Айыпталуучуну кызмат ордунан убактылуу четтетүү, мындай чараны көрүү зарылдыгы болбой калганда, прокурордун, тергөөчүнүн ~~өтүнүчү боюнча тергөө судьясынын,~~ ал эми соттук териштирүүдө судьянын, соттун токтому менен жокко чыгарылат.<br>6. Айыпталуучуну кызмат ордунан убактылуу четтетүү жөнүндө тергөө судьясынын токтому даттанылууга жатпайт. | **267-берене. Кызмат ордунан убактылуу четтетүү жөнүндө өтүнүчтү кароо тартиби**<br>1. ...<br>**5. Айыпталуучуну кызмат ордунан убактылуу четтетүү, мындай чараны көрүү зарылдыгы болбой калганда, прокурордун, тергөөчүнүн, ал эми соттук териштирүүдө судьянын, соттун токтому менен жокко чыгарылат.**<br>6. Айыпталуучуну кызмат ордунан убактылуу четтетүү жөнүндө тергөө судьясынын токтому даттанылууга жатпайт. |
| **270-берене. Жүргүзүлгөн тергөө же болбосо атайын тергөө аракеттеринин мыйзамдуулугун жана негиздүүлүгүн текшерүү тартиби**<br>**1. Тергөө судьясынын токтомун албай туруп тергөө же атайын тергөө** | **270-берене. Жүргүзүлгөн тергөө же болбосо атайын тергөө аракеттеринин мыйзамдуулугун жана негиздүүлүгүн текшерүү тартиби**<br>**1. Тергөө судьясынын токтомун албай туруп жүргүзүлгөн тергөө же** |

| | |
|---|---|
| **аракеттери жүргүзүлгөн учурда, тергөөчү тергөө аракеттери жүргүзүлгөн учурдан тартып 24 сааттын ичинде же атайын тергөө аракеттерин жүргүзүү башталганда, аларды өткөрүү жөнүндө тергөө судьясын кабарландырат. Кабарламага жүргүзүлгөн тергөө аракеттеринин же болбосо башталган атайын тергөө аракеттеринин мыйзамдуулугун жана негиздүүлүгүн таануу жөнүндө өтүнүч тиркелет.**<br>2. Эгерде тергөө судьясы жүргүзүлгөн тергөө аракеттерин же башталган атайын тергөө аракеттерин мыйзамсыз деп тааныган учурда, андай аракеттердин жүрүшүндө алынган бардык далилдер ушул Кодекстин 80-беренесине ылайык жол берилгис деп таанылат. Мындай учурда тергөө судьясы жеке аныктама чыгарат, анда иш боюнча чараларды көрүүнү талап кылган мыйзам бузуулардын белгиленген фактыларына прокурордун көңүлүн бурат. Тергөө судьясынын жеке аныктамасы боюнча бир айлык мөөнөттөн кечиктирбестен чаралар көрүлүүгө жана ага анын натыйжалары жөнүндө билдирилүүгө тийиш.<br>**3. Тергөө же атайын тергөө аракеттерин жүргүзүүнүн мыйзамдуулугу же мыйзамсыздыгы жөнүндө тергөө судьясынын токтому даттанууга жатпайт.** | **атайын тергөө аракетинин мыйзамдуулугун жана негиздүүлүгүн текшерүү жөнүндө өтүнүчтөр прокурордун жана тергөөчүнүн катышуусу менен сот отурумунда материалдар келип түшкөн учурдан тартып 24 сааттын ичинде каралууга тийиш. Соттук отурумдун убактысы жана орун алган жери жөнүндө өз мезгилинде кабардар болгон тергөөчүнүн келбей коюусу иштин материалдарын кароо үчүн жолтоо болуп саналбайт.**<br>2. Эгерде тергөө судьясы жүргүзүлгөн тергөө аракеттерин же башталган атайын тергөө аракеттерин мыйзамсыз деп тааныган учурда, андай аракеттердин жүрүшүндө алынган бардык далилдер ушул Кодекстин 80-беренесине ылайык жол берилгис деп таанылат. Мындай учурда тергөө судьясы жеке аныктама чыгарат, анда иш боюнча чараларды көрүүнү талап кылган мыйзам бузуулардын белгиленген фактыларына прокурордун көңүлүн бурат. Тергөө судьясынын жеке аныктамасы боюнча бир айлык мөөнөттөн кечиктирбестен чаралар көрүлүүгө жана ага анын натыйжалары жөнүндө билдирилүүгө тийиш.<br>**3. Тинтүү жана алып коюу өндүрүшүн кошпогондо, тергөө же атайын тергөө аракеттерин жүргүзүүнүн мыйзамдуулугу же мыйзамсыздыгы жөнүндө тергөө судьясынын токтому даттанууга жатпайт.** |
| **280-берене. Соттук отурумду дайындоо**<br>1. ...<br>2. Ушул Кодекстин 277-беренесинин 1-бөлүгүнүн 1-4-пункттарында каралган негиздер болбогондо, сот соттук отурумду дайындоо жөнүндө токтом чыгарат.<br>~~**Соттук отурумду дайындоо жөнүндө токтомдо судья ар бир айыпталуучуга карата камакка алуу жана үй камагына караганда колдонулган жумшак бөгөт коюу чараларын соттук териштирүү аяктаганга жана иш боюнча акыркы чечим чыкканга чейин узартат.**~~<br>3. Токтомдо ушул берененин 1-бөлүгүндө каралган маселелерден тышкары төмөнкү маселелер чечилет:<br>1) соттук териштирүүнүн орду, датасы жана убактысы жөнүндө;<br>2) ишке милдеттүү түрдө катыша турган учурларда адвокатты дайындоо жөнүндө;<br>3) тараптар берген тизмелер боюнча адамдарды соттук отурумга чакыруу жөнүндө;<br>4) Ушул Кодекстин 291-беренесинде каралган учурларда жабык соттук отурумда ишти кароо жөнүндө~~.~~<br>4. ... | **280-берене. Соттук отурумду дайындоо**<br>1. ...<br>**2. Ушул Кодекстин 277-беренесинин 1-бөлүгүнүн 1-4-пункттарында каралган негиздер болбогондо, сот соттук отурумду дайындоо жөнүндө токтом чыгарат.**<br>3. Токтомдо ушул берененин 1-бөлүгүндө каралган маселелерден тышкары төмөнкү маселелер чечилет:<br>1) соттук териштирүүнүн орду, датасы жана убактысы жөнүндө;<br>2) ишке милдеттүү түрдө катыша турган учурларда адвокатты дайындоо жөнүндө;<br>3) тараптар берген тизмелер боюнча адамдарды соттук отурумга чакыруу жөнүндө;<br>4) Ушул Кодекстин 291-беренесинде каралган учурларда жабык соттук отурумда ишти кароо жөнүндө**;**<br>**5) бөгөт коюу чарасы жөнүндө.**<br>4. ... |
| **282-берене. Соттук отурумга чакыруулар**<br>1. Судья соттук процесстин катышуучулары болуп саналган адамдарды соттук отурумга чакыртуу жөнүндө тескемени айыптоо жана жактоо тараптарына берет, ошондой эле соттук отурумду даярдоо боюнча башка чараларды көрөт.<br>2. Адамдардын келүүсүн айыптоо жана жактоо тараптары камсыз кылат. ~~**Бул**~~ | **282-берене. Соттук отурумга чакыруулар**<br>1. Судья соттук процесстин катышуучулары болуп саналган адамдарды соттук отурумга чакыртуу жөнүндө тескемени айыптоо жана жактоо тараптарына берет, ошондой эле соттук отурумду даярдоо боюнча башка чараларды көрөт.<br>**Соттук териштирүүнүн катышуучуларын телефонограмма, телеграмма, факсимилдик байланыш, электрондук почта, же болбосо тиешелүү фактыны тастыктоого мүмкүндүк берүүчү байланыштын башка каражаттарын колдонуу менен кабардар кылууга жол берилет.**<br>**2. Адамдардын келүүсүн айыптоо жана жактоо тараптары камсыз кылат.** |

| | |
|---|---|
| ~~**адамдар жүйөлүү себептерсиз келбеген учурда, алып келүүнү сот приставдары жүзөгө ашырат.**~~ | |
| **283-берене. Соттук териштирүүнүн мөөнөтү**<br>1. ...<br>3. Соттук териштирүүнү белгиленген мөөнөттө аяктоого мүмкүн болбогон учурда жана иш боюнча өндүрүштү токтото туруу үчүн негиздер жок болгондо, соттук териштирүүнүн мөөнөтү **ар бир жолу 2 айга чейинки мөөнөткө узартылат**.<br>4. ...<br>6. Соттук териштирүүнүн мөөнөтүн узартуу жөнүндө аныктама же токтом соттук отурумдун залында ушул Кодекстин 304-беренесинин 3-бөлүгүнө ылайык соттук отурумдун протоколуна киргизүү менен чыгарылат~~**, ал эми камакка алынган же үй камагына алынган айыпталуучуларга байланыштуу иштер боюнча өзүнчө болмодо чыгарылат жана өзүнчө процессуалдык документтер түрүндө бөгөт коюу чарасынын ушул түрлөрүнүн мөөнөтүн узартуу жөнүндө маселенин чечими менен жазылат**~~.<br>7. ... | **283-берене. Соттук териштирүүнүн мөөнөтү**<br>1. ...<br>**3. Соттук териштирүүнү белгиленген мөөнөттө аяктоого мүмкүн болбогон учурда жана иш боюнча өндүрүштү токтото туруу үчүн негиздер жок болгондо, соттук териштирүү иш боюнча жыйынтыктоочу чечим чыгарууга чейин негиздүү мөөнөткө узартылат.**<br>4. ...<br>**6. Соттук териштирүүнүн мөөнөтүн узартуу жөнүндө аныктама же токтом соттук отурумдун залында ушул Кодекстин 304-беренесинин 3-бөлүгүнө ылайык соттук отурумдун протоколуна киргизүү менен чыгарылат.**<br>7. ... |
| **296-берене. Айыпталуучунун соттук териштирүүгө катышуусу**<br>1. ...<br>3. Айыпталуучу келбей калганда иш боюнча териштирүү кийинкиге калтырылууга тийиш. Мындай учурда судья же сот айыпталуучунун келүүсүн камсыз кылууну **соттук приставга** милдеттендирет. Судья же сот ошондой эле жүйөсүз себептер боюнча келбеген айыпталуучуну алдырып келүүгө укуктуу.<br>~~**Камакта жаткан айыпталуучуну ал сотко келүүдөн жана соттук отурумга жүйөлүү себептерсиз катышуудан баш тарткан учурда аны сотко жеткирүү соттун тиешелүү токтомунун негизинде мажбурлап коштоо жолу менен жүзөгө ашырылат.**~~<br>4. ... | **296-берене. Айыпталуучунун соттук териштирүүгө катышуусу**<br>1. ...<br>3. Айыпталуучу келбей калганда иш боюнча териштирүү кийинкиге калтырылууга тийиш. Мындай учурда судья же сот айыпталуучунун келүүсүн камсыз кылууну **мамлекеттик айыптоочуга** милдеттендирет. Судья же сот ошондой эле жүйөсүз себептер боюнча келбеген айыпталуучуну алдырып келүүгө укуктуу.<br>4. ... |
| **301-берене. Соттук териштирүүнү кийинкиге калтыруу жана кылмыш ишин токтотуп туруу**<br>1. Соттук отурумга чакырылган жактардын кимдир-бирөөсүнүн келбей калуусунун кесепетинен же тараптардын өтүнүчү боюнча жаңы далилдерди талап кылуунун зарылдыгына байланыштуу ишти териштирүү мүмкүн болбогондо, судья өзүнүн токтому менен, сот өзүнүн аныктамасы менен ишти териштирүүнү кийинкиге калтырат**.** Бир эле мезгилде тараптарды талап кылынган далилдерди берүүгө~~**, ал эми соттук приставдары**~~ келбеген адамдардын келүүсүн камсыз кылуу чараларын көрүүгө милдеттендирет.<br>2. Мажбурлап алып келүү колдонулгандан кийин айыпталуучу келбей калган учурда сот кылмыш иши боюнча өндүрүштү токтотуп турат, камакка алуу түрүндөгү бөгөт коюу чарасын колдонот, өзгөртөт жана **токтомду** айыпталуучунун келүүсүн камсыз кылуу жана (же) издөө иштерин уюштуруу үчүн прокурорго жиберет.<br>3. Айыпталуучу ооруп калган жана бул анын соттук отурумга келүү мүмкүнчүлүгүн жокко чыгарган учурда, сот бул айыпталуучуга карата ал сакайып кеткенге чейин өндүрүштү токтотуп турат жана калган айыпталуучуларга карата ишти | **301-берене. Соттук териштирүүнү кийинкиге калтыруу жана кылмыш ишин токтотуп туруу**<br>1. Соттук отурумга чакырылган жактардын кимдир-бирөөсүнүн келбей калуусунун кесепетинен же тараптардын өтүнүчү боюнча жаңы далилдерди талап кылуунун зарылдыгына байланыштуу ишти териштирүү мүмкүн болбогондо, судья өзүнүн токтому менен, сот өзүнүн аныктамасы менен ишти териштирүүнү кийинкиге калтырат. **Бир эле мезгилде тараптарды талап кылынган далилдерди берүүгө жана келбеген адамдардын келүүсүн камсыз кылуу чараларын көрүүгө милдеттендирет.**<br>2. Мажбурлап алып келүү колдонулгандан кийин айыпталуучу келбей калган учурда сот кылмыш иши боюнча өндүрүштү токтотуп турат, камакка алуу түрүндөгү бөгөт коюу чарасын колдонот, өзгөртөт жана **кылмыш ишти** айыпталуучунун келүүсүн камсыз кылуу жана (же) издөө иштерин уюштуруу үчүн прокурорго жиберет.<br>3. Айыпталуучу ооруп калган жана бул анын соттук отурумга келүү мүмкүнчүлүгүн жокко чыгарган учурда, сот бул айыпталуучуга карата ал сакайып кеткенге чейин өндүрүштү токтотуп турат жана калган айыпталуучуларга карата ишти |

| | |
|---|---|
| териштирүүнү улантат. Эгерде ишти өз-өзүнчө териштирүү мүмкүн болбосо, иш бүтүндөй токтотуп турууга жатат.<br>4. Ишке бир нече айыпталуучу тартылган жана алардын бири качып кеткен учурда, сот бул айыпталуучуга карата материалдарды өзүнчө өндүрүшкө бөлөт жана калган айыпталуучуларга карата териштирүүнү улантат.<br>~~**5. Ишке бир нече айыпталуучу катышып, алардын бири же бир нечеси келбей калган учурда, эгерде коюлган айыптар же алардын бөлүктөрү бири-бирине байланыштуу болбосо, сот калган айыпталуучуларга карата ишти кароону улантууга укуктуу.**~~<br>6. ...<br>8. Соттук териштирүү кайра башталгандан кийин, сот ал **кийинкиге калтырылган** учурдан тартып угууну улантат.<br>9. Ушул Кодекстин 296-беренесинин 2-бөлүгүндө көрсөтүлгөн негиздер болгондо, тараптардын өтүнүчү боюнча соттук териштирүү айыпталуучу жок кезде да жүргүзүлөт. Айыпталуучу жок кезинде соттук териштирүүнү жүргүзүү жөнүндө сот токтом же аныктама чыгарат. | териштирүүнү улантат. Эгерде ишти өз-өзүнчө териштирүү мүмкүн болбосо, иш бүтүндөй токтотуп турууга жатат.<br>4. Ишке бир нече айыпталуучу тартылган жана алардын бири качып кеткен учурда, сот бул айыпталуучуга карата материалдарды өзүнчө өндүрүшкө бөлөт жана калган айыпталуучуларга карата териштирүүнү улантат.<br>**5. Күчүн жоготту деп таанылсын.**<br>6. ...<br>8. Соттук териштирүү кайра башталгандан кийин, сот ал **токтотулуп турган** учурдан тартып угууну улантат.<br>9. Ушул Кодекстин 296-беренесинин 2-бөлүгүндө көрсөтүлгөн негиздер болгондо, тараптардын өтүнүчү боюнча соттук териштирүү айыпталуучу жок кезде да жүргүзүлөт. Айыпталуучу жок кезинде соттук териштирүүнү жүргүзүү жөнүндө сот токтом же аныктама чыгарат. |
| **303-берене. Бөгөт коюу чараларын колдонуу мөөнөттөрү жана аларды узартуу тартиби**<br>1. Сотко ишти кабыл алган учурдан баштап өкүмдү, аныктаманы, токтомду аткарууга киришкенге чейин судья, сот айыпталуучуга карата бөгөт коюу чараларын колдонууга, өзгөртүүгө же жокко чыгарууга укуктуу.<br>2. Бөгөт коюу чарасы ушул Кодекстин 283-беренесинде каралган соттук териштирүүнүн мөөнөтүнө колдонулат.<br>3. Эгерде соттук териштирүүнү өз убагында аяктоо мүмкүн болбосо жана бөгөт коюу чарасын өзгөртүүгө же жокко чыгарууга негиз жок болсо, үй камагына жана камакка алуу түрүндө бөгөт коюу чарасын колдонуу мөөнөтү **ар бир жолу 2 айга чейин**, бирок бир жылдан ашык эмес мөөнөткө узартылышы мүмкүн.<br>4. Камакта кармоо түрүндөгү бөгөт коюу чарасын колдонуу мөөнөтүн бир жылдан ашык узартууга жол берилбейт.<br>Көрсөтүлгөн мөөнөт өткөндөн кийин камакта кармалып турган айыпталуучу камакта турган жердин администрациясы тарабынан прокурорго билдирүү менен токтоосуз бошотулууга тийиш.<br>5. Бир эле иш боюнча айыпталуучуну кайрадан камакка алуу, үй камагына алуу учурунда, ошондой эле буга кошулган же андан бөлүнгөн кылмыш иши боюнча камакка, үй камагына алуу мөөнөтү мурунку камакта, үй камагында отурган мезгилди эсепке алуу менен жүргүзүлөт.<br>6. Эгерде иш боюнча өндүрүш токтотулган болсо, камакка алуу жана үй камагына алуу түрүндөгү бөгөт коюу чарасын колдонуу мөөнөтү токтотулбайт. | **303-берене. Бөгөт коюу чараларын колдонуу мөөнөттөрү жана аларды узартуу тартиби**<br>1. Сотко ишти кабыл алган учурдан баштап өкүмдү, аныктаманы, токтомду аткарууга киришкенге чейин судья, сот айыпталуучуга карата бөгөт коюу чараларын колдонууга, өзгөртүүгө же жокко чыгарууга укуктуу.<br>2. Бөгөт коюу чарасы ушул Кодекстин 283-беренесинде каралган соттук териштирүүнүн мөөнөтүнө колдонулат.<br>3. Эгерде соттук териштирүүнү өз убагында аяктоо мүмкүн болбосо жана бөгөт коюу чарасын өзгөртүүгө же жокко чыгарууга негиз жок болсо, үй камагына жана камакка алуу түрүндө бөгөт коюу чарасын колдонуу мөөнөтү **соттук териштирүү аяктаганга чейин**, бирок бир жылдан ашык эмес мөөнөткө узартылышы мүмкүн.<br>**4. Камакта кармоо түрүндөгү бөгөт коюу чарасын колдонуу мөөнөтүн бир жылдан ашык узартууга жол берилбейт. Көрсөтүлгөн мөөнөт өткөндөн кийин камакта кармалып турган айыпталуучу камакта турган жердин администрациясы тарабынан прокурорго билдирүү менен токтоосуз бошотулууга тийиш.**<br>**Өзгөчө оор кылмыш үчүн айыпталган иштер боюнча соттук териштирүүнү аяктоого мүмкүн болбосо жана бөгөт коюу чарасын өзгөртүүгө же жокко чыгарууга негиздер болбосо, өзгөчө учурларда айыпкерди камакта кармоо же үй камагында кармоо мөөнөтү судьянын, соттун жүйөлөштүрүлгөн токтому боюнча соттук териштирүү аяктаганга чейин узартылышы мүмкүн.**<br>5. Бир эле иш боюнча айыпталуучуну кайрадан камакка алуу, үй камагына алуу учурунда, ошондой эле буга кошулган же андан бөлүнгөн кылмыш иши боюнча камакка, үй камагына алуу мөөнөтү мурунку камакта, үй камагында отурган мезгилди эсепке алуу менен жүргүзүлөт.<br>6. Эгерде иш боюнча өндүрүш токтотулган болсо, камакка алуу жана үй камагына алуу түрүндөгү бөгөт коюу чарасын колдонуу мөөнөтү токтотулбайт. |
| **401-берене. Биринчи инстанциядагы соттун токтомуна даттануу** | **401-берене. Биринчи инстанциядагы соттун токтомуна даттануу** |

| | |
|---|---|
| 1. Биринчи инстанциядагы соттун токтомуна ушул берененин 2-бөлүгүндө көрсөтүлгөн негиздерди кошпогондо, ушул Кодекстин 397-беренесинин 2-бөлүгүндө көрсөтүлгөн адамдар тарабынан даттануу же сунуш келтирилиши мүмкүн.<br>2. Ушул берененин 3-бөлүгүндө көрсөтүлгөн соттук чечимдерди кошпогондо, далилдерди изилдөө тартиби жөнүндө, соттук териштирүүлөрдүн катышуучуларынын өтүнүчтөрүн канааттандыруу же четке кагуу жөнүндө, соттук отурумдун залында тартипти камсыздоо чаралары жөнүндө токтомдорго жана соттук териштирүүлөрдүн жүрүшүндө чыгарылган соттун башка чечимдерине иш боюнча жыйынтыктоочу соттун чечимине даттануу менен бир эле убакта апелляциялык тартипте даттанылат.<br>3. Соттун жыйынтыктоочу чечими чыкканга чейин соттун~~, судьянын~~ төмөнкү токтомдору апелляциялык даттанууга жатат:<br><br>1) бөгөт коюу чарасын колдонуу ~~же өзгөртүү~~ жөнүндө;<br>~~2) бөгөт коюу чарасынын мөөнөтүн узартуу жөнүндө;~~<br>3) экспертиза жүргүзүү үчүн адамды медициналык же психиатриялык стационарга жайгаштыруу жөнүндө;<br>~~4) мүлккө камак салуу (бошотуу) жөнүндө;~~<br>5) ишти соттук караштуулугу боюнча өткөрүп берүү же өзгөртүү жөнүндө;<br>~~6) кылмыш ишин токтотуу жөнүндө;~~<br>7) кылмыш ишин прокурорго кайра кайтаруу жөнүндө.<br>4. Даттануу жана сунуш даттанылган чечим чыккан күндөн тартып 10 сутканын ичинде **апелляциялык сотко** берилет жана ушул Кодекстин 413-беренесинде каралган эрежелер боюнча каралат. Кароонун жыйынтыгы боюнча даттанууну же сунушту канааттандыруусуз калтыруу же **даттанылган чечимди** жокко чыгаруу же өзгөртүү жөнүндө аныктама кабыл алынат.<br>5. Ушул берененин 3-бөлүгүнүн **1-4-пункттарында** каралган, соттук териштирүү учурунда чыгарылган судьянын, соттун **токтомдорун** даттануу соттук териштирүүнү токтотпойт.<br>6. Өкүм чыгаруу менен аяктаган соттук териштирүү учурунда чыгарылган токтомго даттануу же сунуш берилген учурда, иш өкүмгө даттануу үчүн белгиленген мөөнөт аяктагандан кийин гана апелляциялык инстанциядагы сотко жөнөтүлөт | 1. Биринчи инстанциядагы соттун токтомуна ушул берененин 2-бөлүгүндө көрсөтүлгөн негиздерди кошпогондо, ушул Кодекстин 397-беренесинин 2-бөлүгүндө көрсөтүлгөн адамдар тарабынан даттануу же сунуш келтирилиши мүмкүн.<br>2. Ушул берененин 3-бөлүгүндө көрсөтүлгөн соттук чечимдерди кошпогондо, далилдерди изилдөө тартиби жөнүндө, соттук териштирүүлөрдүн катышуучуларынын өтүнүчтөрүн канааттандыруу же четке кагуу жөнүндө, соттук отурумдун залында тартипти камсыздоо чаралары жөнүндө токтомдорго жана соттук териштирүүлөрдүн жүрүшүндө чыгарылган соттун башка чечимдерине иш боюнча жыйынтыктоочу соттун чечимине даттануу менен бир эле убакта апелляциялык тартипте даттанылат.<br>**3. Соттун жыйынтыктоочу чечими чыкканга чейин соттук териштирүүнүн жүрүшүндө чыгарылган соттун төмөнкү токтомдору апелляциялык даттанууга жатат:**<br>**1) бөгөт коюу чарасын колдонуу жөнүндө;**<br>**2) күчүн жоготту деп таанылсын;**<br>3) экспертиза жүргүзүү үчүн адамды медициналык же психиатриялык стационарга жайгаштыруу жөнүндө;<br>**4) күчүн жоготту деп таанылсын;**<br>5) ишти соттук караштуулугу боюнча өткөрүп берүү же өзгөртүү жөнүндө;<br>**6) күчүн жоготту деп таанылсын;**<br>7) кылмыш ишин прокурорго кайра кайтаруу жөнүндө.<br>4. Даттануу жана сунуш даттанылган чечим чыккан күндөн тартып 10 сутканын ичинде **чечим чыгарган сот аркылуу апелляциялык сотко** берилет жана ушул Кодекстин 413-беренесинде каралган эрежелер боюнча каралат. Кароонун жыйынтыгы боюнча даттанууну же сунушту канааттандыруусуз калтыруу же **токтомду** жокко чыгаруу же өзгөртүү жөнүндө аныктама кабыл алынат.<br>5. Ушул берененин 3-бөлүгүнүн **1-пунктунда** каралган, соттук териштирүү учурунда чыгарылган судьянын, соттун **токтомун** даттануу соттук териштирүүнү токтотпойт.<br><br>6. Өкүм чыгаруу менен аяктаган соттук териштирүү учурунда чыгарылган токтомго даттануу же сунуш берилген учурда, иш өкүмгө даттануу үчүн белгиленген мөөнөт аяктагандан кийин гана апелляциялык инстанциядагы сотко жөнөтүлөт. |
| **407-берене. Апелляциялык даттанууну жана сунушту кайтарып берүү**<br>Апелляциялык даттануу жана сунуш биринчи инстанциядагы сотко төмөнкү учурларда **апелляциялык инстанциядагы сот тарабынан** кайтарылып берилет:<br><br>1) даттануу мөөнөтү аяктаганда;<br>2) эгерде алар аппеляциялык инстанциядагы сотко даттанууга укугу жок адам тарабынан берилсе;<br>3) эгерде апелляциялык даттануу же сунуш ушул Кодекстин 401, 403-беренелеринин, 406-беренесинин 1-бөлүгүнүн талаптарын бузуу менен берилген болсо. | **407-берене. Апелляциялык даттанууну жана сунушту кайтарып берүү**<br>**Апелляциялык даттануу жана сунуш биринчи инстанциядагы сотко кылмыш иш апелляциялык инстанцияга келип түшкөн күндөн тартып 14 күндөн кечиктирбестен баяндамачы-судьянын аныктамасы менен төмөнкү учурларда кайтарылып берилет:**<br>1) даттануу мөөнөтү аяктаганда;<br>2) эгерде алар апелляциялык инстанциядагы сотко кайрылууга укугу жок жак тарабынан берилсе;<br>3) эгерде даттануу же сунуштама ушул Кодекстин 401, 403- беренелеринин, 406-беренесинин 1-бөлүгүнүн талаптарын бузуу менен берилсе. |
| **410-берене. Апелляциялык даттануулар жана сунуштар боюнча соттун курамы жана иштерди кароонун мөөнөттөрү**<br>1. Даттануулар жана сунуштар боюнча иштер 3 судьянын соттук курамы | **410-берене. Апелляциялык даттануулар жана сунуштар боюнча соттун курамы жана иштерди кароонун мөөнөттөрү**<br>1. Даттануулар жана сунуштар боюнча иштер 3 судьянын соттук курамы тарабынан |

| | |
|---|---|
| тарабынан каралат. Соттун курамын жана иш боюнча төрагалык кылуучуну соттун төрагасы же анын орун басары аныктайт.<br>2. Апелляциялык инстанциядагы сот даттануу же сунуш боюнча ишти ал келип түшкөн күндөн баштап 2 айдан кеч эмес, ал эми тергөө судьясынын токтомун - 10 суткадан кеч эмес мөөнөттө кароого тийиш.<br>3. Эгерде сот жаңы материалдарды жана далилдерди иликтөө жана жаңы өкүмдү чыгаруу зарылчылыгынын негиздерин караса, иш апелляциялык тартипте, ал келип түшкөн күндөн тартып 3 айдан кечиктирилбестен каралууга тийиш.<br>~~**4. Аталган мөөнөттөр жүйөлүү себептер болгон учурда иш өзүнүн өндүрүшүндө турган апелляциялык инстанциядагы соттун аныктамасы боюнча бир айга узартылышы мүмкүн.**~~ | каралат. Соттун курамын жана иш боюнча төрагалык кылуучуну соттун төрагасы же анын орун басары аныктайт.<br>2. Апелляциялык инстанциядагы сот даттануу же сунуш боюнча ишти ал келип түшкөн күндөн баштап 2 айдан кеч эмес, ал эми тергөө судьясынын токтомун - 10 суткадан кеч эмес мөөнөттө кароого тийиш.<br>3. Эгерде сот жаңы материалдарды жана далилдерди иликтөө жана жаңы өкүмдү чыгаруу зарылчылыгынын негиздерин караса, иш апелляциялык тартипте, ал келип түшкөн күндөн тартып 3 айдан кечиктирилбестен каралууга тийиш.<br>**4. Күчүн жоготту деп таанылсын.** |
| **431-берене. Өкүмдү аткарууда сот тарабынан каралууга тийиш болгон маселелер**<br>Сот өкүмдү аткарууга байланышкан төмөнкү маселелерди карайт:<br>1) жазаны алмаштыруу жөнүндө:<br>а) коомдук жумуштар түрүндө – Кылмыш-жаза кодексинин 61-беренесине ылайык;<br>б) эркиндигин чектөө түрүндө – Кылмыш-жаза кодексинин 62-беренесине ылайык;<br>в) түзөтүү жумуштары түрүндө – Кылмыш-жаза кодексинин 64-беренесине ылайык;<br>г) айып пул салуу түрүндө – Кылмыш-жаза кодексинин 65-беренесине ылайык;<br>~~**2) Кыргыз Республикасынын кылмыш-жаза-аткаруу мыйзамдарына ылайык кылмыш-жаза-аткаруу тутумунун мамлекеттик органынын атайын комиссиясынын чечими менен эркиндигинен ажыратуу түрүндө жаза өтөө мекемесинин жерин аныктоо жөнүндө;**~~<br>3) Кыргыз Республикасынын кылмыш-жаза-аткаруу мыйзамдарына ылайык соттун өкүмү менен эркиндигинен ажыратууга соттолгонго түзөтүү мекемесинин түрүн өзгөртүү жөнүндө;<br>4) …<br>18) Кылмыш-жаза кодексинин 87-беренесине ылайык соттолгон кош бойлуу аялга, он төрт жашка чейинки курактагы баласы бар аялга, он төрт жашка чейинки курактагы баласы бар жалгыз ата-эне болгон эркекке жаза өтөөнү кийинкиге калтырууну жокко чыгаруу жөнүндө;<br>~~**19) Кылмыш-жаза кодексинин 97-беренесине ылайык мунапыс берүү жөнүндө актыны чыгаруунун натыйжасында жазадан бошотуу же жазасын жеңилдетүү, жаза мөөнөтүн кыскартуу жөнүндө;**~~<br>20) мүлктү камактан бошотуу жөнүндө;<br>21) өкүмдү аткарууга байланышкан башка маселелер. | **431-берене. Өкүмдү аткарууда сот тарабынан каралууга тийиш болгон маселелер**<br>Сот өкүмдү аткарууга байланышкан төмөнкү маселелерди карайт:<br>1) жазаны алмаштыруу жөнүндө:<br>а) коомдук жумуштар түрүндө - Кылмыш-жаза кодексинин 61-беренесине ылайык;<br>б) эркиндигин чектөө түрүндө - Кылмыш-жаза кодексинин 62-беренесине ылайык;<br>в) түзөтүү жумуштары түрүндө - Кылмыш-жаза кодексинин 64-беренесине ылайык;<br>г) айып пул салуу түрүндө - Кылмыш-жаза кодексинин 65-беренесине ылайык;<br>**2) күчүн жоготту деп таанылсын;**<br>3) Кыргыз Республикасынын кылмыш-жаза-аткаруу мыйзамдарына ылайык соттун өкүмү менен эркиндигинен ажыратууга соттолгонго түзөтүү мекемесинин түрүн өзгөртүү жөнүндө;<br>4) ...<br>18) Кылмыш-жаза кодексинин 87-беренесине ылайык соттолгон кош бойлуу аялга, он төрт жашка чейинки курактагы баласы бар аялга, он төрт жашка чейинки курактагы баласы бар жалгыз ата-эне болгон эркекке жаза өтөөнү кийинкиге калтырууну жокко чыгаруу жөнүндө;<br>**19) Күчүн жоготту деп таанылсын;**<br>20) мүлктү камактан бошотуу жөнүндө;<br>21) өкүмдү аткарууга байланышкан башка маселелер. |
| **432-берене. Өкүмдү аткарууга алуу менен байланышкан маселелерди чечүүчү соттор**<br>1. Ушул Кодекстин 431-беренесинин 1, **11-13, 15, 16, 19**-пункттарында жана 433-беренесинде көрсөтүлгөн маселелер өкүм чыгарган сот тарабынан чечилет.<br>2. Эгерде өкүмдү аткаруу өкүм чыгарган сот иштеген райондон сырткары жерде жүргүзүлсө, анда ушул берененин 1-бөлүгүндө көрсөтүлгөн маселелер өкүм аткарылып жаткан жердеги сот тарабынан чечилет. Бул учурда өкүм аткарылган жердеги соттун токтомунун көчүрмөсү өкүм чыгарган сотко жиберилет. | **432-берене. Өкүмдү аткарууга алуу менен байланышкан маселелерди чечүүчү соттор**<br>1. Ушул Кодекстин 431-беренесинин **1, 11-17, 20-**пункттарында жана 433-беренесинде көрсөтүлгөн маселелер өкүм чыгарган сот тарабынан чечилет.<br>2. Эгерде өкүмдү аткаруу өкүм чыгарган сот иштеген райондон сырткары жерде жүргүзүлсө, анда ушул берененин 1-бөлүгүндө көрсөтүлгөн маселелер өкүм аткарылып жаткан жердеги сот тарабынан чечилет. Бул учурда өкүм аткарылган жердеги соттун токтомунун көчүрмөсү өкүм чыгарган сотко жиберилет. |

| | |
|---|---|
| 3. Ушул Кодекстин 431-беренесинин **2**-4, 8, ~~**15,**~~ 19-пункттарында көрсөтүлгөн маселелер кайсы сот тарабынан өкүм чыгарылганына карабастан соттолгон адам жаза өтөп жаткан жердеги сот тарабынан чечилет.<br>4. Ушул Кодекстин 431-беренесинин 5-7, 9, 10, 11, **17**-пункттарында көрсөтүлгөн маселелер соттолгон адам жашаган жердеги сот тарабынан чечилет.<br>5. Өкүмдү аткарууга байланышкан маселелерди чечүү прокурордун катышуусу менен соттук отурумда жүргүзүлөт. | 3. Ушул Кодекстин 431-беренесинин **3, 4, 8, 19**-пункттарында көрсөтүлгөн маселелер кайсы сот тарабынан өкүм чыгарылганына карабастан соттолгон адам жаза өтөп жаткан жердеги сот тарабынан чечилет.<br>4. Ушул Кодекстин 431-беренесинин 5-7, 9, 10, 11, **18**-пункттарында көрсөтүлгөн маселелер соттолгон адам жашаган жердеги сот тарабынан чечилет.<br>5. Өкүмдү аткарууга байланышкан маселелерди чечүү прокурордун катышуусу менен соттук отурумда жүргүзүлөт. |
| **433-берене. Өкүмдүн аткарылышынын мөөнөтүн кийинкиге жылдыруу**<br>1. Өзгөчө оор кылмыш жасагандыгы үчүн эркиндигинен ажыратууга соттолгондон тышкары, айыпталган же соттолгон кош бойлуу аялга, 14 жашка чейинки курактагы баласы бар аялга карата, ошондой эле оор же өзгөчө оор кылмыш жасагандыгы үчүн эркиндигинен ажыратууга соттолгондон тышкары, 14 жашка чейинки курактагы баласы бар жана жалгыз бой ата болгон эркекке карата сот жазаны өтөөсүн баласы 14 жашка толгонго чейин кийинкиге жылдырып коюшу мүмкүн.<br>2. Өкүмдү аткарууну кийинкиге жылдыруу жөнүндө маселе **өкүм чыгарган** же соттолгондун анын мыйзамдуу өкүлүнүн, жакын тууганынын, жубайынын, адвокатынын өтүнүчүнүн негизинде түзөтүү мекемесинин сунушу өтөп жаткан жери боюнча сот тарабынан чечилет.<br>3. Өкүмдүн аткарылышын кийинкиге жылдыруу маселеси сот тарабынан прокурордун катышуусунда чечилет. | **433-берене. Өкүмдүн аткарылышынын мөөнөтүн кийинкиге жылдыруу**<br>1. Өзгөчө оор кылмыш жасагандыгы үчүн эркиндигинен ажыратууга соттолгондон тышкары, айыпталган же соттолгон кош бойлуу аялга, 14 жашка чейинки курактагы баласы бар аялга карата, ошондой эле оор же өзгөчө оор кылмыш жасагандыгы үчүн эркиндигинен ажыратууга соттолгондон тышкары, 14 жашка чейинки курактагы баласы бар жана жалгыз бой ата болгон эркекке карата сот жазаны өтөөсүн баласы 14 жашка толгонго чейин кийинкиге жылдырып коюшу мүмкүн.<br>2. Өкүмдү аткарууну кийинкиге жылдыруу жөнүндө маселе соттолгондун анын мыйзамдуу өкүлүнүн, жакын тууганынын, жубайынын, адвокатынын өтүнүчүнүн негизинде түзөтүү мекемесинин сунушу өтөп жаткан жери боюнча **же өкүмдү чыгарууда** сот тарабынан чечилет.<br>3. Өкүмдүн аткарылышын кийинкиге жылдыруу маселеси сот тарабынан прокурордун катышуусунда чечилет. |
| **439-берене. Сот чечимдерин кассациялык тартипте кайра кароо**<br>1. Жогорку сот кассациялык инстанциядагы сот болуп эсептелет жана ушул Кодексте белгиленген негиздерде жана тартипте соттук чечимдерди кайра карайт.<br>2. Кассациялык инстанциядагы сот апелляциялык инстанциядагы соттун өкүмүнүн, аныктамасынын мыйзамдуулугун кассациялык даттануу, сунуш боюнча текшерет.<br>**3. Сотко чейинки сот өндүрүшүнүн кызмат адамдарынын чечимдерине даттануулар боюнча кылмыш ишин кыскартуу жөнүндө чечимдерди кошпогондо, апелляциялык тартипте даттанылбаган мыйзамдуу күчүнө кирген биринчи инстанциядагы соттун чечимдери, ошондой эле тергөө судьясынын токтомдоруна даттануу боюнча чыгарылган апелляциялык инстанциядагы соттун чечимдери кассациялык тартипте кайра каралбайт.**<br>4. Кассациялык инстанциядагы соттун кароо предмети акыркы соттук чечимден мурунку аныктамалар болушу мүмкүн, эгерде мындай аныктамаларга даттануу ушул Кодексте каралса. Мындай аныктамалар кассациялык даттанууну же ушул иш боюнча кабыл алынган акыркы соттук чечимге сунушту кароо менен бир мезгилде, кассациялык тартипте кайра каралууга тийиш. | **439-берене. Сот чечимдерин кассациялык тартипте кайра кароо**<br>1. Жогорку сот кассациялык инстанциядагы сот болуп эсептелет жана ушул Кодексте белгиленген негиздерде жана тартипте соттук чечимдерди кайра карайт.<br>2. Кассациялык инстанциядагы сот апелляциялык инстанциядагы соттун өкүмүнүн, аныктамасынын мыйзамдуулугун кассациялык даттануу, сунуш боюнча текшерет.<br>**3. Сотко чейинки сот өндүрүшүнүн кызмат адамдарынын чечимдерине даттануулар боюнча кылмыш ишин кыскартуу, кылмыш жасоого шектенүү боюнча адамды кармоонун мыйзамдуулугу же мыйзамсыздыгы, негиздүүлүгү же негизсиздиги, тинтүү жана алып коюу өндүрүшү, күрөө, үй камагы жана камакка алуу түрүндөгү бөгөт коюу чарасын колдонуу жөнүндө же андан баш тартуу жөнүндө чечимдерди кошпогондо, апелляциялык тартипте даттанылбаган мыйзамдуу күчүнө кирген биринчи инстанциядагы соттун чечимдери, ошондой эле тергөө судьясынын токтомдоруна даттануу боюнча чыгарылган апелляциялык инстанциядагы соттун чечимдери кассациялык тартипте кайра каралбайт.**<br>4. Кассациялык инстанциядагы соттун кароо предмети акыркы соттук чечимден мурунку аныктамалар болушу мүмкүн, эгерде мындай аныктамаларга даттануу ушул Кодексте каралса. Мындай аныктамалар кассациялык даттанууну же ушул иш боюнча кабыл алынган акыркы соттук чечимге сунушту кароо менен бир мезгилде, кассациялык тартипте кайра каралууга тийиш. |

| | |
|---|---|
| **447-берене. Кассациялык даттанууну, сунушту кароонун мөөнөтү**<br><br>**Кассациялык даттануу, сунуш иш Жогорку сотко түшкөн күндөн тартып 2 айлык мөөнөттө каралууга тийиш.** | **447-берене. Кассациялык даттанууну, сунушту кароонун мөөнөтү**<br><br>**1. Кассациялык даттануу же сунуш боюнча келип түшкөн кылмыш иши келип түшкөн күндөн тартып 2 айлык мөөнөттө каралууга тийиш.**<br>**2. Кылмыш жасоого шектенүү боюнча адамды кармоонун мыйзамдуулугу же мыйзамсыздыгы, негиздүүлүгү же негизсиздиги, тинтүү жана алып коюу өндүрүшү, күрөө, үй камагы жана камакка алуу түрүндөгү бөгөт коюу чарасын колдонуу жөнүндө же андан баш тартуу жөнүндө апелляциялык инстанциядагы соттун чечимине прокурордун сунушу, айыпталуучунун же анын адвокатынын даттануусу кассациялык инстанциянын сотуна келип түшкөн күндөн тартып 10 суткадан кечиктирилбестен каралууга тийиш.** |
| **453-берене. Өндүрүштү кайра баштоонун мөөнөттөрү**<br>1. …<br>4. Жаңы же кайтадан ачылган жагдайлар аныкталган күн болуп төмөндөгүлөр эсептелет:<br>1) ушул Кодекстин 451-беренесинин 3-бөлүгүнүн 1-3-пункттарында көрсөтүлгөн адамдарга карата өкүм, аныктама, токтом мыйзамдуу күчүнө кирген күн;<br>2) ушул иште колдонулган мыйзамды же башка ченемдик укуктук актыны же болбосо алардын бөлүгүн конституциялык эмес жана Конституцияга каршы келет деп таануу жөнүндө Конституциялык соттун чечими күчүнө кирген күн;<br>3) компетенциясы Кыргыз Республикасы тарабынан таанылган эл аралык органдын адам укуктары боюнча эл аралык келишимдердин ченемдери бузулгандыгы жөнүндө чечими күчүнө кирген күн;<br>4) соттолгон, акталган, жабырлануучу же алардын мыйзамдуу өкүлдөрү, адвокат, ошондой эле прокурор ушул Кодекстин 451-беренесинин 3-бөлүгүнүн 4-пунктунда каралган учурда иш боюнча жаңы ачылган жагдайларга байланыштуу өндүрүштү кайра баштоо жөнүндө өтүнүч берген күн;<br>5) ушул Кодекстин 451-беренесинин 4-бөлүгүнүн 1-пунктуна ылайык жаңы жагдайлар боюнча сот тарабынан өндүрүш козголгон күн. | **453-берене. Өндүрүштү кайра баштоонун мөөнөттөрү**<br><br>1. ...<br>**4. Жаңы жагдайлар аныкталган күн болуп төмөндөгүлөр эсептелет:**<br>**1) ушул Кодекстин 451-беренесинин 4-бөлүгүнүн 1-пунктуна ылайык жаңы жагдайлар боюнча сот тарабынан өндүрүш козголгон күн;**<br>**2) ушул иште колдонулган мыйзамды же башка ченемдик укуктук актыны же болбосо алардын бөлүгүн конституциялык эмес жана Конституцияга каршы келет деп таануу жөнүндө Конституциялык соттун чечими күчүнө кирген күн;**<br>**3) компетенциясы Кыргыз Республикасы тарабынан таанылган эл аралык органдын адам укуктары боюнча эл аралык келишимдердин ченемдери бузулгандыгы жөнүндө чечими күчүнө кирген күн.**<br><br>**5. Кайтадан ачылган жагдайлар аныкталган күн болуп төмөндөгүлөр эсептелет:**<br>**1) ушул Кодекстин 451-беренесинин 3-бөлүгүнүн 1-3-пункттарында көрсөтүлгөн адамдарга карата өкүм, аныктама, токтом мыйзамдуу күчүнө кирген күн;**<br>**2) ушул Кодекстин 451-беренесинин 3-бөлүгүндө каралган учурда иш боюнча жаңы ачылган жагдайларга байланыштуу өндүрүштү кайра баштоонун зарылдыгы жөнүндө корутундуга прокурор кол койгон күн.** |
| **454-берене. Жаңы же кайтадан ачылган жагдайлар боюнча ишти кайра баштоо жөнүндө өтүнүч берүүгө укуктуу жактар**<br>Жаңы же кайтадан ачылган жагдайлар боюнча өндүрүштү кайра баштоо жөнүндө өтүнүч берүү укугу соттолгонго, акталганга, жабырлануучуга же алардын мыйзамдуу өкүлдөрүнө, адвокатына, ошондой эле прокурорго таандык. ~~**Өтүнүч өкүм же башка соттук чечимди чыгарган сотко берилет.**~~ | **454-берене. Жаңы же кайтадан ачылган жагдайлар боюнча ишти кайра баштоо жөнүндө өтүнүч берүүгө укуктуу жактар**<br>**Жаңы же кайтадан ачылган жагдайлар боюнча өндүрүштү кайра баштоо жөнүндө өтүнүч берүү укугу соттолгонго, акталганга, жабырлануучуга же алардын мыйзамдуу өкүлдөрүнө, адвокатына, ошондой эле прокурорго таандык.** |
| | **454-1-берене. Жаңы же кайтадан ачылган жагдайлар боюнча иш козгоонун тартиби**<br>**1. Жаңыдан ачылган жагдайлар боюнча өндүрүштү козгоо укугу прокурорго,** |

| | |
|---|---|
| | **жаңы жагдайлар боюнча өндүрүштү козгоо - сотко таандык.**<br>**2. Ушул Кодекстин 454-беренесинде көрсөтүлгөн адамдардын өтүнүчтөрү жаңы же жаңыдан ачылган жагдайлар боюнча өндүрүштү козгоо үчүн негиз болуп саналат.**<br>**3. Эгерде арызда ушул Кодекстин 451-беренесинин 3-бөлүгүндө саналган жагдайлар көрсөтүлсө, прокурор өтүнүч келип түшкөн күндөн тартып 14 күндөн кечиктирбестен жаңыдан ачылган жагдайлар боюнча өндүрүштү козгоо жөнүндө токтом чыгарат, текшерүү жүргүзөт жана/же бул жагдайларды иликтөө үчүн ишти тергөөчүгө жөнөтөт. Ишти жаңыдан ачылган жагдайлар боюнча тергөө ушул Кодекстин эрежелерин сактоо менен жүргүзүлөт.**<br>**4. Иш боюнча өндүрүштү кайра баштоо үчүн негиздер жок болсо, прокурор өтүнүч келип түшкөн күндөн тартып 14 күндөн кечиктирбестен өзүнүн жүйөлүү токтому менен жаңыдан ачылган жагдайлар боюнча өндүрүштү козгоодон баш тартат.**<br>**5. Жаңыдан ачылган жагдайлар боюнча текшерүү жана/же тергөө аяктагандан кийин жана иш боюнча өндүрүштү кайра баштоо үчүн негиздер болсо прокурор 10 күнгө чейинки мөөнөттө өзүнүн корутундусун камтыган өтүнүчтү тиешелүү сотко жиберет же ал тарабынан козголгон жаңыдан ачылган жагдайлар боюнча өндүрүштү токтотот.**<br>**6. Прокурордун жаңыдан ачылган жагдайлар боюнча өндүрүштү козгоодон баш тартуу же жаңыдан ачылган жагдайлар боюнча ал козгогон өндүрүштү токтотуу жөнүндө токтомдору 10 күндүн ичинде жогору турган прокурорго же биринчи инстанциядагы сотко даттанылышы мүмкүн.** |
| **455-берене. Жаңы же кайтадан ачылган жагдайлар боюнча ишти кайра баштоо жөнүндө өтүнүчтү кароочу соттун чечими**<br>Жаңы же кайтадан ачылган жагдайлар боюнча ишти кайра баштоо жөнүндө өтүнүчтү карап, сот төмөнкүдөй **чечимдердин бирин чыгарат**:<br><br>**1) ушул Кодекстин 451-беренесинин 3-бөлүгүнүн 4-пунктунда каралган жаңы ачылган жагдайлар боюнча ишти кайра баштоо жөнүндө өтүнүчтү канааттандыруу жана сотко чейинки өндүрүштү уюштуруу үчүн ишти прокурорго өткөрүп берүү тууралуу;**<br>**2) жаңы ачылган жагдайлар боюнча ишти кайра баштоо жөнүндө өтүнүчтү канааттандыруу жана соттун өкүмүн, аныктамасын, токтомун жокко чыгаруу же ишти кыскартуу жөнүндө;**<br><br>**3) жаңы же кайтадан ачылган жагдайлар боюнча ишти кайра баштоо жөнүндө өтүнүчтү канааттандыруудан баш тартуу жөнүндө.**<br><br><br><br><br>2. Жаңы же кайтадан ачылган жагдайлар боюнча ишти кайра баштоо жөнүндө | **455-берене. Жаңы же кайтадан ачылган жагдайлар боюнча ишти кайра баштоо жөнүндө өтүнүчтү кароочу соттун чечими**<br>**1. Жаңы же кайтадан ачылган жагдайлар боюнча ишти кайра баштоо жөнүндө өтүнүчтү карап, сот төмөнкүдөй чечимдердин бирин камтыган токтом же аныктама чыгарат:**<br>**1) жаңыдан ачылган жагдайлар боюнча ишти кайра баштоо жана соттун өкүмүн, аныктамасын, токтомун жокко чыгаруу жана ишти сотко чейинки өндүрүштү уюштуруу үчүн прокурорго же жаңыдан сот өндүрүшүнө өткөрүү жөнүндө өтүнүчтү канааттандыруу жөнүндө**<br>**2) жаңы же жаңыдан ачылган жагдайлар боюнча ишти кайра баштоо жана соттун өкүмүн, аныктамасын, токтомун жокко чыгаруу же жаңыдан соттук териштирүү же сотко чейинки өндүрүш талап кылынбаган учурда ишти кыскартуу жөнүндө өтүнүчтү канааттандыруу**<br>**3) жаңы же жаңыдан ачылган жагдайлар боюнча ишти кайра баштоо жана соттун өкүмүн, аныктамасын, токтомун өзгөртүү жөнүндө өтүнүчтү канааттандыруу жөнүндө;**<br>**4) жаңы жагдайлар боюнча ишти кайра баштоо жөнүндө өтүнүчтү канааттандыруудан баш тартуу жөнүндө же жаңыдан ачылган жагдайлар боюнча сот актыларын жокко чыгаруу жөнүндө прокурордун өтүнүчүн канааттандыруудан баш тартуу жөнүндө.**<br>2. Жаңы же кайтадан ачылган жагдайлар боюнча ишти кайра баштоо жөнүндө |

| | |
|---|---|
| өтүнүчтү канааттандыруудан баш тартуу жөнүндө биринчи жана апелляциялык инстанциядагы соттун чечими жогору турган сотко даттанылышы мүмкүн. | өтүнүчтү канааттандыруудан баш тартуу жөнүндө биринчи жана апелляциялык инстанциядагы соттун чечими жогору турган сотко даттанылышы мүмкүн. |
| **455-берене. Жаңы же кайтадан ачылган жагдайлар боюнча ишти кайра баштоо жөнүндө өтүнүчтү кароочу соттун чечими**<br>Жаңы же кайтадан ачылган жагдайлар боюнча ишти кайра баштоо жөнүндө өтүнүчтү карап, сот төмөнкүдөй чечимдердин бирин чыгарат:<br>1) ...<br>2. ...<br>**Мамлекеттик тилде** | **455-берене. Жаңы же кайтадан ачылган жагдайлар боюнча ишти кайра баштоо жөнүндө өтүнүчтү кароочу соттун чечими**<br>**1.** Жаңы же кайтадан ачылган жагдайлар боюнча ишти кайра баштоо жөнүндө өтүнүчтү карап, сот төмөнкүдөй чечимдердин бирин чыгарат:<br>1) ...<br>2. ... |
| **456-берене. Соттук чечимдерди жокко чыгаргандан кийинки өндүрүш**<br>Жаңы жана кайтадан ачылган жагдайлардан улам ал боюнча соттук чечимдер жокко чыгарылгандан кийин иш боюнча сотко чейинки же соттук өндүрүш, ошондой эле чыгарылган жаңы соттук чечимдерге даттануу жалпы тартипте жүргүзүлөт. | **456-берене. Соттук чечимдерди жокко чыгаргандан кийинки өндүрүш**<br>Жаңы жана кайтадан ачылган жагдайлардан улам ал боюнча соттук чечимдер жокко чыгарылгандан кийин иш боюнча сотко чейинки же соттук өндүрүш, ошондой эле чыгарылган жаңы соттук чечимдерге даттануу **ушул Кодексте белгиленген**<br>жалпы тартипте жүргүзүлөт. |
| **Статья 476. Ограничение гласности по делам детей**<br>Право ребенка подозреваемого, обвиняемого, ~~подсудимого,~~ потерпевшего, свидетеля на конфиденциальность должно соблюдаться на всех этапах уголовного судопроизводства и влечет за собой ответственность в порядке, установленном законодательством Кыргызской Республики.<br><br>**Расмий тилде** | **Статья 476. Ограничение гласности по делам детей**<br>**Право ребенка подозреваемого, обвиняемого, потерпевшего, свидетеля на конфиденциальность должно соблюдаться на всех этапах уголовного судопроизводства и влечет за собой ответственность в порядке, установленном законодательством Кыргызской Республики.** |

**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН КЫЛМЫШ-ЖАЗА КОДЕКСИ**

| Колдонуудагы редакциясы | Сунуш кылынган редакциясы |
|---|---|
| **71-берене. Материалдык зыяндын ордун толтуруу жана моралдык залалды компенсациялоо**<br>1. Материалдык зыяндын ордун толтуруу жана моралдык залалды компенсациялоо, ушул Кодексте көрсөтүлгөн негиздер боюнча, адам кылмыш-жаза жоопкерчилигинен же болбосо жазадан бошотулгандыгына карабастан, сот тарабынан колдонулат.<br>2. Моралдык залалды компенсациялоодо сот акчалай компенсацияны белгилейт. Бул компенсация келтирилген залалдын оордугуна жараша 50 эседен 1000 эсе эсептик көрсөткүчкө чейинки өлчөмдө дайындалат.<br>~~**3. Ушул берененин жоболорун колдонууда Кыргыз Республикасынын Граждандык кодексинде белгиленген эскирүү мөөнөтү колдонулбайт.**~~ | **71-берене. Материалдык зыяндын ордун толтуруу жана моралдык залалды компенсациялоо**<br>1. Материалдык зыяндын ордун толтуруу жана моралдык залалды компенсациялоо, ушул Кодексте көрсөтүлгөн негиздер боюнча, адам кылмыш-жаза жоопкерчилигинен же болбосо жазадан бошотулгандыгына карабастан, сот тарабынан колдонулат.<br>2. Моралдык залалды компенсациялоодо сот акчалай компенсацияны белгилейт. Бул компенсация келтирилген залалдын оордугуна жараша 50 эседен 1000 эсе эсептик көрсөткүчкө чейинки өлчөмдө дайындалат.<br>**3. Күчүн жоготту деп таанылсын.** |
| | **74-1-берене. Мыйзамда каралгандан жеңилирээк жаза белгилөө**<br>**1. Сот, жосундун коомдук коркунучтуулук деңгээлин кыйла төмөндөткөн иштин өзгөчө жагдайларын, ошондой эле күнөөкөрдүн инсандыгын эске алып жана ага ошол кылмыш үчүн мыйзамда каралган ылдыйкы чектен төмөн жаза белгилөөнү, же башка, кыйла жеңил жаза түрүнө өтүүнү зарыл деп таап жүйөлөрүн милдеттүү түрдө көрсөтүү менен мындай жеңилдетүүгө жол бере алат. Мында жазанын мөөнөтү жана өлчөмү ушул Кодекстин 61-беренесинде, 63-** |

| | |
|---|---|
| | **беренесинде, 65-беренесинде, 66-беренесинде, 67-беренесинде, 104 жана 105-беренелеринде жазанын ушул түрү үчүн каралган эң төмөнкү чектен төмөн болушу мүмкүн эмес.**<br>**2. Сот ошол эле негиздөө боюнча, ушул Кодекстин Өзгөчө бөлүгүнүн жасалган кылмыш үчүн жоопкерчиликти караган беренесине ылайык милдеттүү болгон кошумча жазаны колдонбой кое алат.**<br>**3. Айрым жеңилдетүүчү жагдайлар, ошондой эле андай жагдайлардын жыйындысы да өзгөчө жагдайлар деп таанылышы мүмкүн.**<br>**4. Ушул берененин колдонулушу ушул Кодекстин 336-347-беренелеринде каралган кылмыштарды жасаган адамдарга карата жайылтылбайт.**<br>**5. Ушул берененин жоболору кылмыштардын жыйындысы боюнча иштерге колдонулбайт.** |
| **82-берене. Пробациялык көзөмөлдү колдонуу менен жазадан бошотуу**<br>1. Сот анчалык оор эмес жана (же) оор кылмыштар үчүн эркиндигинен ажыратуу түрүндө жазаны дайындоодо, күнөөлүүнүн ким экендигин, анын пробациялык көзөмөлдү колдонууга берген макулдугун, ошондой эле иштин башка жагдайларын эске алуу менен, соттолгон адамды жаза өтөбөстөн түзөтүү мүмкүн экендиги жөнүндө тыянакка келсе, кылмыш-жаза-укуктук таасир этүүнүн мажбурлоочу-кубаттоочу чарасы болуп эсептелген пробациялык көзөмөлдү (пробацияны) колдонуу аркылуу аны жаза өтөөдөн бошотуу жөнүндө чечим кабыл алышы мүмкүн.<br>2. Пробациялык көзөмөл төмөнкү адамдарга колдонулбайт:<br>1) өзгөчө оор кылмыштары үчүн соттолгондорго;<br>2) мамлекеттик жана муниципалдык кызматтын кызыкчылыктарына каршы коррупциялык жана башка кылмыштар үчүн соттолгондорго;<br>3) коомдук коопсуздукка каршы кылмыштар үчүн соттолгондорго;<br>4) конституциялык түзүлүштүн негиздерине жана мамлекеттин коопсуздугуна каршы кылмыштар үчүн соттолгондорго;<br>5) уюшкан топтун же кылмыштуу коомдоштуктун курамында жасалган кылмыштар үчүн соттолгондорго;<br>6) баланын жыныстык кол тийбестик жана жыныстык эркиндигине каршы кылмыштар үчүн соттолгондорго.<br>Көрсөтүлгөн чектөө он төрт жаштан он сегиз жашка чейинки балдардын жыныстык кол тийбестигине каршы кылмыш жасаган балдарга жайылтылбайт;<br>7) ушул Кодекстин 137, 166, 167, ~~168~~-беренелеринде көрсөтүлгөн кылмыштар үчүн соттолгондорго;<br>8) туруктуу жашаган жери жокторго, ошондой эле Кыргыз Республикасында убактылуу жашап турган чет өлкөлүк жарандарга жана жарандыгы жок адамдарга.<br>3. ... | **82-берене. Пробациялык көзөмөлдү колдонуу менен жазадан бошотуу**<br>1. Сот анчалык оор эмес жана (же) оор кылмыштар үчүн эркиндигинен ажыратуу түрүндө жазаны дайындоодо, күнөөлүүнүн ким экендигин, анын пробациялык көзөмөлдү колдонууга берген макулдугун, ошондой эле иштин башка жагдайларын эске алуу менен, соттолгон адамды жаза өтөбөстөн түзөтүү мүмкүн экендиги жөнүндө тыянакка келсе, кылмыш-жаза-укуктук таасир этүүнүн мажбурлоочу-кубаттоочу чарасы болуп эсептелген пробациялык көзөмөлдү (пробацияны) колдонуу аркылуу аны жаза өтөөдөн бошотуу жөнүндө чечим кабыл алышы мүмкүн.<br>2. Пробациялык көзөмөл төмөнкү адамдарга колдонулбайт:<br>1) өзгөчө оор кылмыштары үчүн соттолгондорго;<br>2) мамлекеттик жана муниципалдык кызматтын кызыкчылыктарына каршы коррупциялык жана башка кылмыштар үчүн соттолгондорго;<br>3) коомдук коопсуздукка каршы кылмыштар үчүн соттолгондорго;<br>4) конституциялык түзүлүштүн негиздерине жана мамлекеттин коопсуздугуна каршы кылмыштар үчүн соттолгондорго;<br>5) уюшкан топтун же кылмыштуу коомдоштуктун курамында жасалган кылмыштар үчүн соттолгондорго;<br>6) баланын жыныстык кол тийбестик жана жыныстык эркиндигине каршы кылмыштар үчүн соттолгондорго.<br>Көрсөтүлгөн чектөө он төрт жаштан он сегиз жашка чейинки балдардын жыныстык кол тийбестигине каршы кылмыш жасаган балдарга жайылтылбайт;<br>**7) ушул Кодекстин 137, 166, 167-беренелеринде көрсөтүлгөн кылмыштар үчүн соттолгондорго;**<br>8) туруктуу жашаган жери жокторго, ошондой эле Кыргыз Республикасында убактылуу жашап турган чет өлкөлүк жарандарга жана жарандыгы жок адамдарга.<br>3. ... |
| **280-берене. Бейбаштык**<br>1. Бейбаштык, башкача айтканда зомбулук кылуу, же болбосо аны колдоном деп коркутуу менен, же болбосо кара ниеттиги менен айырмаланган орунсуз аракеттерди жасоо, башкача айтканда башка бирөөнүн мүлкүн жок кылуу же зыянга учуратуу менен коштолгон, же өмүргө жана ден соолукка коркунучтуу эмес зомбулукту | **280-берене. Бейбаштык**<br>1. Бейбаштык, башкача айтканда зомбулук кылуу, же болбосо аны колдоном деп коркутуу менен, же болбосо кара ниеттиги менен айырмаланган орунсуз аракеттерди жасоо, башкача айтканда башка бирөөнүн мүлкүн жок кылуу же зыянга учуратуу менен коштолгон, же өмүргө жана ден соолукка коркунучтуу эмес |

| | |
|---|---|
| колдонуу, же аны колдоном деп коркутуу менен коштолгон коомдук тартипти жана жалпыга бирдей жүрүм-турум ченемдерин атайылап бузган аракеттер, -<br>200дөн 500 эсептик көрсөткүчкө чейин айып салуу же үч жылга чейинки мөөнөткө эркиндигинен ажыратууга жазаланат.<br>2. Төмөнкүдөй жасалган бейбаштык:<br>1) адамдардын тобу тарабынан;<br>2) **~~адамдардын тобу же~~** алдын ала бүтүм боюнча адамдардын тобу тарабынан;<br>3) ок атуучу, газ-травмалык куралдарды, бычактарды, кастеттерди жана башка дүрмөтсүз куралдарды, же болбосо ден соолукка залал келтирүү үчүн атайын ылайыкташтырылган башка каражаттарды колдонуу же колдонуу аракети менен;<br>4) бийлик өкүлдөрүнө же болбосо коомдук тартипти сактоо боюнча милдеттерди аткаруучу адамдарга каршылык көрсөтүү менен;<br>5) аба, суу, деңиз кемесинин, темир жол транспортунун бортунда жасалса, -<br>500дөн 1000 эсептик көрсөткүчкө чейин айып салууга же үч жылдан беш жылга чейинки мөөнөткө эркиндигинен ажыратууга жазаланат. | зомбулукту колдонуу, же аны колдоном деп коркутуу менен коштолгон коомдук тартипти жана жалпыга бирдей жүрүм-турум ченемдерин атайылап бузган аракеттер, -<br>200дөн 500 эсептик көрсөткүчкө чейин айып салуу же үч жылга чейинки мөөнөткө эркиндигинен ажыратууга жазаланат.<br>2. Төмөнкүдөй жасалган бейбаштык:<br>1) адамдардын тобу тарабынан;<br>**2) алдын ала бүтүм боюнча адамдардын тобу тарабынан;**<br>3) ок атуучу, газ-травмалык куралдарды, бычактарды, кастеттерди жана башка дүрмөтсүз куралдарды, же болбосо ден соолукка залал келтирүү үчүн атайын ылайыкташтырылган башка каражаттарды колдонуу же колдонуу аракети менен;<br>4) бийлик өкүлдөрүнө же болбосо коомдук тартипти сактоо боюнча милдеттерди аткаруучу адамдарга каршылык көрсөтүү менен;<br>5) аба, суу, деңиз кемесинин, темир жол транспортунун бортунда жасалса, -<br>500дөн 1000 эсептик көрсөткүчкө чейин айып салууга же үч жылдан беш жылга чейинки мөөнөткө эркиндигинен ажыратууга жазаланат. |

**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН УКУК БУЗУУЛАР ЖӨНҮНДӨ КОДЕКСИ**

| Колдонуудагы редакциясы | Сунуш кылынган редакциясы |
|---|---|
| **40-берене. Кызмат адамын ээлеген кызматынан бошотуу**<br>1. Кызмат адамы тарабынан ушул Кодекстин **435 ~~жана~~ 436**-беренелеринде каралган укук бузуулар жыл ичинде кайталап жасалган учурда, сот мыйзамдуу күчүнө кирген чечимди аткаруу үчүн тиешелүү органга жиберет.<br>2. Кызмат адамын ээлеген кызматынан бошотуу түрүндө кошумча укуктук кесепеттер ушул Кодекстин 437-беренесинин 2-бөлүгүндө каралган укук бузууну жасаган кызмат адамдарына карата дагы колдонулат. | **40-берене. Кызмат адамын ээлеген кызматынан бошотуу**<br>1. Кызмат адамы тарабынан ушул Кодекстин **435, 436 жана 442-1-** беренелеринде каралган укук бузуулар жыл ичинде кайталап жасалган учурда, сот мыйзамдуу күчүнө кирген **бошотуу жөнүндө** чечимди аткаруу үчүн тиешелүү органга жиберет.<br>2. Кызмат адамын ээлеген кызматынан бошотуу түрүндө кошумча укуктук кесепеттер ушул Кодекстин 437-беренесинин 2-бөлүгүндө каралган укук бузууну жасаган кызмат адамдарына карата дагы колдонулат. |
| **193-берене. Мас абалындагы айдоочунун транспорт каражатын башкаруусу, мас абалындагы же транспорт каражатын башкарууга укугу жок адамга транспорт каражатын башкарууга берүү**<br>1. Алкоголь, баңгизат, психотроптук жана башка маң кылуучу заттар менен мас абалындагы айдоочунун транспорт каражатын башкаруусу, -<br>жеке жактарга 175 эсептик көрсөткүч өлчөмүндө айып пул салууга, же болбосо **30дан 40 саатка чейинки мөөнөткө коомдук иштерге тартууга алып келет**.<br>2. ... | **193-берене. Мас абалындагы айдоочунун транспорт каражатын башкаруусу, мас абалындагы же транспорт каражатын башкарууга укугу жок адамга транспорт каражатын башкарууга берүү**<br>1. Алкоголь, баңгизат, психотроптук жана башка маң кылуучу заттар менен мас абалындагы айдоочунун транспорт каражатын башкаруусу, -<br>жеке жактарга 175 эсептик көрсөткүч өлчөмүндө айып пул салууга, же болбосо **бир жылдык мөөнөткө транспорт каражатын айдоо укугунан ажыратылышына алып келет.**<br>2. ... |
| | **442-1-берене. Соттун жеке аныктамасы боюнча чара көрбөө**<br>**Соттун жеке аныктамасын кароосуз калтыруу же аныктамада көрсөтүлгөн мыйзам бузууларды четтетүү боюнча чараларды көрбөө –**<br>**кызмат адамдарына 100 эсептик көрсөткүч өлчөмүндө айып пул салууга алып келет.** |

| | |
|---|---|
| **454-berene. Сот**<br>1. Соттор ушул Кодекстин төмөнкү беренелеринде каралган укук бузуулар жөнүндө иштерди карайт жана жаза чараларды көрөт:<br>1) укук бузуулар жөнүндө протоколдор ички иштер органдары тарабынан түзүлгөн ушул Кодекстин 56-59, 70-72, 96, 126-129, 131, 193-беренесинин 1, 2, 4, 5-бөлүктөрү, 271 жана 431-беренесинин 2-бөлүгү боюнча;<br>2) укук бузуулар жөнүндө протоколдор улуттук коопсуздук органдары тарабынан түзүлгөн ушул Кодекстин 410, 411-беренелери жана 431-беренесинин 2-бөлүгү боюнча;<br>3) укук бузуулар жөнүндө протоколдор коргоо чөйрөсүндөгү ыйгарым укуктуу органдар тарабынан түзүлгөн ушул Кодекстин 421-426-беренелери боюнча.<br><br>2. Соттор прокурорлор тарабынан ушул Кодекстин 99, 401, 433, 435-439-беренелери боюнча каралган укук бузуулар боюнча козголгон иштерди карашат жана жаза чараларын көрүшөт. | **454-берене. Сот**<br>1. Соттор ушул Кодекстин төмөнкү беренелеринде каралган укук бузуулар жөнүндө иштерди карайт жана жаза чараларды көрөт:<br>1) укук бузуулар жөнүндө протоколдор ички иштер органдары тарабынан түзүлгөн ушул Кодекстин 56-59, 70-72, 96, 126-129, 131, 193-беренесинин 1, 2, 4, 5-бөлүктөрү, 271 жана 431-беренесинин 2-бөлүгү боюнча;<br>2) укук бузуулар жөнүндө протоколдор улуттук коопсуздук органдары тарабынан түзүлгөн ушул Кодекстин 410, 411-беренелери жана 431-беренесинин 2-бөлүгү боюнча;<br>3) укук бузуулар жөнүндө протоколдор коргоо чөйрөсүндөгү ыйгарым укуктуу органдар тарабынан түзүлгөн ушул Кодекстин 421-426-беренелери боюнча**;**<br>**4) укук бузуулар жөнүндө протоколдор аткаруу документтерин аткаруу боюнча функцияларды жүзөгө ашыруучу ыйгарым укуктуу органдар тарабынан түзүлгөн ушул Кодекстин 442-1-беренеси боюнча.**<br>2. Соттор прокурорлор тарабынан ушул Кодекстин 99, 401, 433, 435-439-беренелери боюнча каралган укук бузуулар боюнча козголгон иштерди карашат жана жаза чараларын көрүшөт. |

## КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ГРАЖДАНДЫК КОДЕКСИ

| Колдонуудагы редакциясы | Сунуш кылынган редакциясы |
|---|---|
| **999-статья. Алгачкы текшерүү, алдын ала тергөө, прокуратура жана сот органдарынын мыйзамсыз аракетинен улам келтирилген зыян үчүн жоопкерчилик**<br>**1. Граждани нге мыйзамсыз соттоонун, кылмыш жоопкерчилигине мыйзамсыз тартуунун, бөгөт коюу чарасы катары камакка алуу же башка жакка кетпөө жөнүндө кол койдуруп алуу чараларын мыйзамсыз колдонуу, камакка алуу түрүндөгү мыйзамсыз түрдө административдик жаза колдонуунун натыйжасында келтирилген зыяндын орду мамлекет тарабынан алгачкы текшерүү, алдын ала тергөө, прокуратура жана сот органдарынын кызмат адамдарынын күнөөсүнө карабастан мыйзамда белгиленген тартипте толук көлөмүндө толтурулат.**<br>2. Алгачкы текшерүү, алдын ала тергөө, прокуратура жана сот органдарынын мыйзамсыз ишинин натыйжасында ушул статьянын 1-пунктунда каралган кесепеттерге алып келбеген мыйзамсыз ишинин натыйжасында гражданинге же юридикалык жакка келтирилген зыяндын орду ушул Кодекстин 999-статьясында каралган негиздер боюнча жана тартипте толтурулат. Сот адилеттигин жүргүзүүдө келтирилген зыяндын орду, эгерде судьянын күнөөсү мыйзамдуу күчүнө кирген соттун өкүмү менен аныкталган болсо, толтурулат. | **999-статья. Алгачкы текшерүү, алдын ала тергөө, прокуратура жана сот органдарынын мыйзамсыз аракетинен улам келтирилген зыян үчүн жоопкерчилик**<br>**1. Жеке адамга мыйзамсыз мыйзамсыз соттоонун, кылмыш жоопкерчилигине мыйзамсыз тартуунун, бөгөт коюу чараларын мыйзамсыз колдонуу, мыйзамсыз кармоонун, ошондой эле Кыргыз Республикасынын Укук бузуулар жөнүндө кодексинде каралган укук бузуулар үчүн мыйзамсыз түрдө жаза колдонуунун натыйжасында келтирилген зыяндын орду мамлекет тарабынан ыкчам издөө ишин, сотко чейинки өндүрүшүн жүзөгө ашыруучу органдын, прокуратура же соттун кызмат адамдарынын кызмат адамдарынын күнөөсүнө карабастан толук көлөмүндө толтурулат.**<br>2. Алгачкы текшерүү, алдын ала тергөө, прокуратура жана сот органдарынын мыйзамсыз ишинин натыйжасында ушул статьянын 1-пунктунда каралган кесепеттерге алып келбеген мыйзамсыз ишинин натыйжасында гражданинге же юридикалык жакка келтирилген зыяндын орду ушул Кодекстин 999-статьясында каралган негиздер боюнча жана тартипте толтурулат. Сот адилеттигин жүргүзүүдө келтирилген зыяндын орду, эгерде судьянын күнөөсү мыйзамдуу күчүнө кирген соттун өкүмү менен аныкталган болсо, толтурулат.<br>**3. Сотко чейинки өндүрүштүн же соттук териштирүүнүн жүрүшүндө өзүн-өзү жаманатты кылуу жолу менен чындыкты аныктоого тоскоолдук кылган жана муну менен мыйзамсыз жоопкерчиликке тартууга, бөгөт коюу чарасын мыйзамсыз колдонууга, мыйзамсыз камоого, мыйзамсыз соттолгонго, ошондой эле Кыргыз Республикасынын Укук бузуулар жөнүндө кодексинде каралган укук** |

| | |
|---|---|
| | **бузуулар үчүн мыйзамсыз түрдө жаза колдонууга көмөктөшкөн жаран, зыяндын ордун толтурууга укугу жок.** |
| **1009-статья. Зыян келтирген жакка регресс укугу**<br>1. Башка жак (кызматтык же башка эмгектик милдеттенмесин аткарууда, транспорт каражатын башкарган жак) келтирген зыяндын ордун толтурган жак, эгерде мыйзам менен башка өлчөм белгиленбесе, ал жакка төлөнгөн зыяндын ордунун өлчөмүндө кайра талап коюу (регресс) укугуна ээ болот.<br>2. Биргелешип келтирилген зыяндын ордун толтурган зыян келтирүүчү калган зыян келтирүүчүнүн ар биринен жабыр тартуучуга төлөнгөн зыяндын ордун ошол зыян келтирүүчүнүн күнөөсүнүн даражасына ылайык өлчөмдө талап кылууга акылуу. Күнөөнүн даражасын аныктоо мүмкүн болбогон учурда анын үлүшү бирдей деп таанылат.<br>**3. Алгачкы текшерүү, алдын-ала тергөө, прокуратура жана сот органдарынын (1000-статьянын 1-пункту) кызмат адамдары келтирген зыяндын ордун толтурган мамлекет эгерде соттун мыйзамдуу күчүнө кирген өкүмү менен анын күнөөсү аныкталса, ал жакка карата регресс укугуна ээ болот.**<br>4. Ушул Кодекстин 1002-1005-статьяларында көрсөтүлгөн негиздер боюнча зыяндын ордун толтурган жак зыян келтирген жакка карата регресс укугуна ээ болбойт. | **1009-статья. Зыян келтирген жакка регресс укугу**<br>1. Башка жак (кызматтык же башка эмгектик милдеттенмесин аткарууда, транспорт каражатын башкарган жак) келтирген зыяндын ордун толтурган жак, эгерде мыйзам менен башка өлчөм белгиленбесе, ал жакка төлөнгөн зыяндын ордунун өлчөмүндө кайра талап коюу (регресс) укугуна ээ болот.<br>2. Биргелешип келтирилген зыяндын ордун толтурган зыян келтирүүчү калган зыян келтирүүчүнүн ар биринен жабыр тартуучуга төлөнгөн зыяндын ордун ошол зыян келтирүүчүнүн күнөөсүнүн даражасына ылайык өлчөмдө талап кылууга акылуу. Күнөөнүн даражасын аныктоо мүмкүн болбогон учурда анын үлүшү бирдей деп таанылат.<br>**3. Мамлекет ушул Кодекстин 998-беренесинде жана 999-беренесинин 1-пунктунда каралган негиздер боюнча зыяндын ордун толтурган учурда, анын ордун толтуруу мыйзамсыз аракетине (аракетсиздигине) байланыштуу кызмат адамына карата регресс укугуна ээ болот.**<br>4. Ушул Кодекстин 1002-1005-статьяларында көрсөтүлгөн негиздер боюнча зыяндын ордун толтурган жак зыян келтирген жакка карата регресс укугуна ээ болбойт. |